**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**
**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ ОКУУ- ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**

**Диссертациялык кеңеш Д. 22.23.676**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 316:334:316:752**

**Жунушова Сайкал Орозовна**

# КЫРГЫЗСТАН ЖАШТАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК ИДЕНТҮҮЛҮГҮ: АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

Адистиги: 22.00.04. – социалдык түзүлүш,
социалдык институттар жана процесстер

Социология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социология жана социалдык иштер кафедрасында аткарылган.

**Илимий консультант:** саясий
илимдердин доктору, профессор М.М. Мадалиев

**Расмий оппоненттер:**

**Жетектөөчү уюм:**

Диссертациялык ишти коргоо А.А. Алтымышбаев атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия институтунун социология илимдеринин доктору, (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Д.22.23.676 диссертациялык кеңешинин отурумунда, дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а жана Эл аралык университеттин окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси дареги боюнча: 720071, Бишкек ш., Л. Толстого17а көчөсү/1. Коргоонун идентификациялык коду: Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265-а.), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтында

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, социология**
**илимдеринин кандидаты, доцент Т.С. Шаршембиева**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Жаштардын өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары социалдык иденттүүлүгүн калыптануу механизмдерин жана факторлорун изилдөө бүгүнкү күндө жаш адамдын инсандыгын иликтөөдөгү негизги көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Заманбап шарттарда социология илиминин алкагында глобалдык, маалыматтык коомдун шартында жаштардын калыптануу көйгөйүн изилдөөгө байланышкан бир катар актуалдуу маселелер каралууда. Бүгүнкү күндө дүйнө бир жагынан илимий-техникалык, технологиялык, маалыматтык жетишкендиктер менен мүнөздөлсө, экинчи жагынан иденттүүлүктүн салттуу формалары бузулуп, салттык баалуулуктардын алкагында калыптанган адамдын өзүн-өзү таануунун субъективдүү сезимдери өзгөрүүдө. Бул жаш муундун турмуштук стратегияларынын калыптануу процессинде, ошондой эле жаштардын кесиптик, жарандык, диний, субмаданияттык этникалык, диний, регионалдык (чөлкөмдүк) жана башка окшоштуктарынын, иденттүүлүгүнүн калыптануу контекстинде өзгөчө курч байкалат.

Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында жаштардын социалдык иденттүүлүгү татаалдыгы жана карама-каршылыгы менен айырмаланат. Мурдатан мураска сакталып, калыптанып келген иденттүүлүктүн формалары менен камсыз болгон жаштардын өзүнүн “мен” деген сезими башка типтеги иденттүүлүктүн формалары менен алмашып, калыптанып, кээ бир окшоштуктардын жок болушуна алып келүүдө. Ушуга байланыштуу, заманбап шарттарда жаш адамдын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында ой жүгүртүүнүн, турмуштук көз караштардын, жүрүм-турум стилдеринин өзгөчөлүгүн изилдөө азыркы күндүн реалдуулугу менен тыгыз байланышкан. Учурдагы жаштардын социалдык иденттүүлүгү - бул социалдык, топтук идеалдарын жана жашоо стандарттарын кабыл алган жаш адамдын ички абалын чагылдырган көп факторлуу түзүлүшкө ээ, анан дагы социалдашуу процессине көмөктөшүүчү татаал инсандык түзүлүш деп түшүнсө болот. Демек, бул көйгөйдүн актуалдуулугу азыркы учурда жаш адамдын жашоосунун бардык тармактары үчүн маанилүү татаал карама-каршылыктуу трансформациялык процесстер жүрүп жаткан Кыргызстанда түзүлгөн социалдык-маданий реалдуулук менен байланыштуу.

Социалдык иденттүүлүктүн калыптануу процессинде конкреттүү жаш адамдын жана бүтүндөй жаш муундун турмуштук келечегин андан ары аныктоого жаштардын коомдук аң-сезиминин жетилгендик деңгээли өзгөчө таасир этет. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын жаштарынын басымдуу бөлүгүнүн социалдык өзгөчөлүгүн ачып берген жаш адамдын жалпыланган, базар мамилелерине багытталган социалдык портрети теориялык жактан иштелип, толук сүрөттөлө элек. Социомаданий карама-каршылыктар, ааламдашкан дүйнөнүн социалдык өзгөрүлмөлүүлүгү, социалдык өзгөрүүлөрдүн белгисиздиги, көп факторлуулугу, социалдык жалпылыктарды, иденттүүлүктөрдү уюштуруу принциптеринин татаалдыгы,

ар кандай иш-аракеттердин көп түрдүүлүгү, социалдык ролдор жана топтук нормалар, ошондой эле өз ара таасир этүүнүн, ар түрдүү маданияттардын, субмаданияттардын аракеттенүүсүнүн татаал аспектилери жаштардын аң-сезимине өзгөчө таасир этүүдө. Калыптанып калган салттуу маданий баалуулуктардын чектери жок кылынууда, анын натыйжасында инсандыктын туруктуу кризиси жаш адамдын өзүнчө инсандык аң-сезиминин деңгээлинде гана эмес, жаңы муундардын арасында да байкалат, мынай процесстер жаш муундун өзүн жана коомдогу ордун аныктоого таасирин тийгизүүдө.

Кыргызстандын көз карандысыздыгын алган күндөн тартып бүгүнкү күнгө чейин коомдогу макросоциалдык институтционалдык өзгөрүүлөр, аларды илимий талдоонун жана чечмелөөнүн фундаменталдуу иштелип чыккан теориялык-методологиялык негизин талап кылат. Трасформациялык процесстердин мобилдүүлүгү, дүйнөлүк базар мамилелери менен байланышкан жаңы системаны түзүүнүн өзгөчөлүктөрү, өнүгүү жолдору, жаш муундун прогрессивдүү социалдашуусун жана социалдык иденттүүлүктүн калыптаныш парадигмасын түзүү жөнүндө биздин түшүнүктөрүбүздү кайра карап чыгууну талап кылууда. Социалдык-экономикалык жаңы шарттарда социалдык институттардын мазмуну олуттуу түрдө өзгөрүүдө, социалдык агенттердин ортосундагы мамилелердин жаңы системасын тейлеген институционалдык инфраструктура трансформацияга дуушар болууда. Ошентип, кыргыз коомундагы фундаменталдуу социалдык жана институционалдык өзгөрүүлөрдү терең чагылдырган, жаштардын өз алдынча социалдык-демографиялык топ катары социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруу маселеси азыркы коом үчүн актуалдуу болуп саналат.

Кыргызстандагы азыркы социалдык-экономикалык процесстер социалдык иденттүүлүктүн калыптануу процессин аныктап, жаштар арасында анын иштөө динамикасына жана механизмдерине активдүү таасир этүүдө. Негизинен, социалдык белгисиздиктин шарттарында кандайдыр бир жалпы маанай түзүлүп, анын негизинде өсүп келе жаткан жаш муундун социалдык иденттүүлүгүнүн оң да, терс да түрлөрүнүн калыптанышы шартталууда, анткени азыркы коом так, даана идеологиялык багыттардын системасын иштеп чыга элек. Коомдо бардык деңгээлде олуттуу структуралык жана функционалдык өзгөрүүлөр болууда, улуу муундун баалуулуктары көптөн бери кайра баалоого жана деформацияга дуушар болуп келүүдө. Демек, социалдык-маданий тажрыйбаны жаш муунга өткөрүп берүү процессинин натыйжасы жана социалдык иденттүүлүктүн позитивдүү калыптанышынын өзгөчөлүгү коомдогу социалдык институттар – үй-бүлө, билим берүү, дин, мамлекет канчалык эффективдүү, толук жана ырааттуу иштешинен көз каранды.

Жаштар үчүн массалык маданияттын үлгүлөрүн сунуш кылган коммерциялык маалымат каражаттары, кээде бир учурларда криминалдык потенциалга ээ болуп, жаштардын баалуулук багыттарына жана жашоого болгон көз караштарына терс таасирин тийгизип жатканын да белгилөө керек. Жаштарга максаттуу идеологиялык, тарбиялык таасирдин жоктугу да коомдо социалдык иденттүүлүктүн калыптанышынын девианттык мүнөзгө ээ

болушунун, жаш адамдардын алардын аң-сезиминде жана жүрүм-турумунда асоциалдык жана антисоциалдык идеяларды жана жүрүм-турум үлгүлөрүн жайылткан өзгөчө фактор болуп саналат. Адамзат өзүнүн бүгүнкүсүн жана келечегин башкарууга болгон бардык аракеттерине карабастан, үчүнчү миң жылдыктын башталышын белгилеген глобалдык өзгөрүүлөр коомго белгисиздикти жана кризистерди алып келүүдө. Мындай коомдук көрүнүштөдүн теориялык жактан өксүктүгү, жетишсиздиги, жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптануу аспектисинде анын субъектилерин, механизмдерин, факторлорун талдоо – мунун баары социологиялык дискурстун контекстинде фундаменталдуу иштеп чыгууну талап кылат.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык ишти аткаруу процессинде: 1). автор “Кыргызстандагы жаштар кыймылдары: элитаны калыптануу процесси” аттуу темадагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий - изилдөө долбоорунун ишке ашырууда, илимий жетекчилик кылды (2014-ж.); 2). “Кыргызстандын жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: көйгөйлөрү, карама-каршылыктары жана келечеги” аттуу темадагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорунун ишке ашырууда, жетекчилик кылды (2015-ж.); 3).“Кыргызстан жаштарынын иденттүүлүгүн калыптандыруу процессиндеги диний факторлордун ролу” аттуу темадагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда, жетекчилик кылды (2016-ж.); 4). “Борбордук Азиядагы ислам факторунун таасири жана коомдогу коопсуздугун камсыз кылууда элитанын ролу” аттуу темадагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорунун ишке ашырууда, жетекчилик кылды (2017-ж.); 5). “Ааламдашуу шартында Борбордук Азиянын коопсуздугун камсыз кылууда саясий элитанын ролу” аттуу темадагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорунун ишке ашырууда, аткаруучусу, катышуучусу болду (2019-ж.). Илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары, илимий-практикалык тыянактар, ошондой эле коргоого чыгарылган жоболор Кыргыз Республикасынын улуттук өнүктүрүүнүн жаңы программаларын, стратегияларын, концепцияларын жана башка документтерин иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Андан ары изилдөө 2021-2026-жылдары “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү концепциясын жана “2021-2025-жылдары Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын” ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү менен тыгыз байланышта; ошондой эле 2020-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын жаштар саясатынын концепциясы менен тыгыз байланышта.

**Изилдөөнүн объектиси**. Кыргыз Республикасынын жаштары өз алдынча социалдык-демографиялык топ катары, учурда өзүн-өзү социалдык

аныктоонун, өзүн курчап турган чөйрөгө, коомго, өзүнө болгон мамилеси менен биргеликте.

**Изилдөөнүн предмети.** Кыргыз Республикасынын жаштарынын коомдук социалдык институттардын трансформациялоо шартында социалдык өзүн-өзү аныктоонун, социалдык иденттүүлүгүнүн калыптануу өзгөчөлүктөрү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** Диссертациялык иштин негизги **максаты** коомдогу социомаданий өзгөрүүлөрдү илимий талдоонун негизинде жаштардын рационалдуу, максатка ылайыктуу социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча социологиялык моделди иштеп чыгуу.

Жогоруда белгиленген максаттын негизинде төмөндөгүдөй **милдеттер** аныкталды.

1. изилдөө объектисинин учурдагы деңгээлин аныктоодо социалдык иденттүүлүк, идентификация, социализдашуу концептерине байланышкан илимий концепцияларга, илимий адабияттарга сереп салуу, анализдөө;

2. жаштардын көйгөйлөрүн изилдөөгө арналган социологиялык жана социалдык-философиялык теорияларды, концепцияларды илимий талдоо;

3. социалдык иденттүүлүк теориясынын контекстинде жаштарды өзгөчө социалдык - демографиялык топ катары аныктоо;

4. азыркы жаштардын үй-бүлөлүк иденттүүлүгүнүн калыптанышын теориялык-методологиялык жактан анализдөө жана үй-бүлө мамилелеринин салттуу жана инновациялык карым - катнашын институционалдык деңгээлде аныктоо;

5. жаштардын социалдашуу жана социалдык иденттүүлүгүнүн калыптаныш процессинде билим берүү институтунун таасиринин өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

6. жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандырууга массалык маалымат каражаттарынын жана санариптик технологиялардын тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрүн изилдөө;

7. диндин функцияларын жана белгилерин социалдык-баалуулук система катры жана жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптанышында анын таасирин мүнөздөө;

8. жаштардын жашоо-турмушунда экономикалык, миграциялык потенциалды аныктоо жана миграциянын призмасы аркылуу улуттук коопсуздуктун өз ара байланыш проблемаларын миграциологиянын призмасы менен кароо;

9. жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун коопсуздугуна глобалдык демократиянын таасиринин, чектерин тактоо;

10. жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун фактору катары жаштар кыймылынын маңызын ачуу;

11. жаштарды коомдук турмушка калыптандыруунун жана тартуунун мыйзамдык-укуктук негиздерине социологиялык талдоо жүргүзүү;

12. Кыргызстандын жаштарынын саясий, укуктук иденттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө;

13. жаштардын социалдык активдүүлүгүнүн негизи жана жаштарды коомдун социалдык-экономикалык турмушука тартуунун өзгөчө фактору катары Кыргызстандын жаштарынын бакубаттуулугунун жана өнүгүүсүнүн индексин изилдөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу**. Кыргызстанда социологиялык илиминин алкагында бүгүнкү күнгө чейин жаштардын өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары социалдык иденттүүлүгүнүн калыптануу процесси боюнча комплекстүү изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Коомдук өнүгүүнүн институтционалдык өзгөрүүлөрү, коопсуздук жана ааламдашуу көйгөйлөрү айрым эпизоддор менен каралып, ошол эле учурда жаш муундун жашоо-турмушу объективдүү билимдердин теориялык системалаштырылышы катары каралды. Илимий изилдөөнүн жаңылыгынын элементтери катары диссертацияда коюлган илимий изилдөөнүн негизги максаты, маселелерин аныктоо менен төмөнкү жоболордо камтылган:

- социалдык иденттүүлүк, идентификация, идентификациялык стратегия, социалдашуу концептерине байланышкан илимий адабияттарга сереп жүргүзүлдү жана анын негизинде автордук социалдык иденттүүлүк аныктамасы берилди;
- жаштарга арналган социологиялык теориялар жана концепиялар илимий талданды;
- азыркы шарттагы негизги социалдык параметрлерин максаттуу талдоонун негизинде жаштарды социалдык-демографиялык топ катары өзгөчөлүктөрү аныкталды;
- азыркы жаштардын үй-бүлөлүк иденттүүлүгүнүн критерийлери жана мүнөздөмөлөрү, теориялык-методологиялык негизде изилденди, кыргызстандык үй-бүлө институт мейкиндигиндеги салттуу жана инновациялык өз ара мамилелеринин мүнөзү талданды;
- билим берүү системасынын өзгөчө коомдук институт катары жаштардын социалдашуу процессине жана социалдык иденттүүлүгүнө тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрү аныкталды жана азыркы шарттарда билим берүүнүн сапатын жакшыртуу жөнгө салуучу механизм катары аныкталды;
- жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана санариптик технологиялардын таасиринин өзгөчөлүктөрү изилденди, мында ЖМК бүгүнкү күндө: жеткиликтүүлүгү, универсалдуулугу, ар түрдүү техникалык каражаттарды пайдалануусу, маалыматтын жыштыгынын жана берүүнүн жогорку даражасы менен айырмаланганы жана жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөчө чөйрөсүн түзөрүн аныкталды. ЖМКлар жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун факторлорунун бири катары каралат, ал эми жаштардын баалуулук багыттарына ЖМКлардын таасир этүүсүнүн натыйжалуулугу алардын жаш курактык өзгөчөлүгүнө, ошондой эле ЖМКлардын түрлөрүнө жараша болору көрсөтүлгөн;

- теоретикалык жана статистикалык маалыматтардын негизинде диний иденттүүлүктүн салыштырмалуу автономдуулук феномени аныкталды, жаш адамдын ишмердүүлүгүнүн жана аракеттеринин айрым түрлөрүнүн динчилдик моралдык, адеп-ахлактык жагдайлардан көз карандысыздыгы далилденди;
- жаштардын жашоо-турмушунунда миграциялык потенциал аныкталды, жана миграциянын призмасы аркылуу миграция менен улуттук, экономикалык коопсуздуктун корреляциясы көйгөйлөрү каралган;
- жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун коопсуздугуна глобалдык демократиянын таасиринин чектери каралды; азыркы Кыргызстандагы жаштар кыймылынын кризисинин, саясий, укуктук иденттүүлүктүн деформациясынын жана коомдун социалдык жана саясий түзүлүшүндөгү мурдагы ордун жоготуунун терең себептери аныкталды;
- жаштарды коомдук турмушка тартуунун мыйзамдык-укуктук негиздери талданды;
- коомдогу туруктуулукту камсыздандыруунун фактору катары жаштардын саясий, укуктук иденттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү далилденди;
- Кыргызстандын жаштарынын бакубаттуулук жана өнүгүү индекси жаштардын социалдык активдүүлүгүнүн негизи катары каралып, бул процессте мамлекеттик саясаттын ролу аныкталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Негизинен, азыркы учурдагы кыйла актуалдуу көйгөйгө кайрылуу менен шартталган, Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгүн позитивдүү калыптандыруунун жолдорун издөө. Изилдөөнүн натыйжалары жаштардын арасында социалдык колдоо боюнча программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн, анткени жаштардын наразычылык жүрүм-турумунун ар кандай формаларында коштолгон иденттүүлүктүн диффузиясынын өнүгүшүн алдын алуу жана алардын чоңдор дүйнөсүнө кирүү процессин оптималдаштыруу максатында колдонууга болот. Диссертациянын материалдары окуу процессинде: “Жаштар социологиясы”, “Үй-бүлө социологиясы”, “Дин социологиясы”, “Медиа социологиясы”, “Саясий социология”, “Коопсуздук социологиясы”, “Миграция социологиясы”, “Жаштардын арасында социалдык иштерди уюштуруу” боюнча атайын курстарды даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациялык иликтөөнүн теориялык-методолгиялык негизи.** Изилдөө концепциясын иштеп чыгууда методологиялык негиз катары таанып-билүүнүн төмөнкү принциптери жана ыкмалары колдонулган: системдик анализ, тарыхый-логикалык метод, салыштырма талдоо методу, структуралык-функционалдык, феноменологиялык, тобокелдик, конфликтологиялык, муундук, субмаданияттык ыкмалар. Жогорудагы ыкмалар изилдөө контекстине жараша ар кандай айкалыштырылган учурларда колдонулган. Бул багыттар боюнча теориялык булактар катары төмөнкү

эмгектер талдоого алынган: П.Бергер, З.Бжезинский, П. Бурдье, Г. Блумер, М.Вебер, Г.Гарфинкель, Э.Гоффман, Э.Гидденс, Э. Дюркгейм, М. Кун, Ч.Кули, Т. Лукман, К. Маркс, К.Мангейм, Р. Мертон, Дж.Мид, К. Поппер, Т. Парсонс, Э. Тоффлер, Г. Тэджфел, Дж. Тернер, А.Тойнби, З. Фрейд, Э.Фромм, Ф.Фукояма, Ю.Хабермас, С. Хантингтон, С. Холл, О. Шпенглер, Э. Эриксон. Изилдөөнүн ар кандай этаптарында эмпирикалык конкреттүү социологиялык методдордун комплекси колдонулду. Эмпирикалык социологиялык маалыматты чогултууда анкеталык сурамжылоо, эксперттик сурамжылоо, контенттик талдоо, салыштырма жана статистикалык маалыматты, документалдык булактарды кайра талдоо колдонулган. Эмпирикалык базаны автордун жетекчилиги астында же катышуусу менен жүргүзүлгөн изилдөөлөр түздү: "Заманбап Кыргызстандагы жаштар кыймылы: элитанын калыптануу процесси", эксперттик сурамжылоо (апрель-май 2013-жыл); "Борбордук Азиядагы ислам фактору жана чөлкөмдө коопсуздукту камсыз кылууда элитанын ролу", эксперттик сурамжылоо (март-апрель 2017-жыл); "Кыргызстандын жана Россиянын окуучу жаштарынын социалдык портрети миграциялык максаттарынын контекстинде" (январь-февраль 2023- жыл), социологиялык сурамжылоо он-лайн режиминде Google Forms аркылуу жүргүзүлгөн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Бүгүнкү күнгө чейинки илимдеги социалдык иденттүүлүк түшүнүктөрүнүн чечмелеген теорияларда, концепциялардгы аныктамаларды анализдөөнүнүн негизинде автор тарабынан: социалдык иденттүүлүк түшүнүгү, категориясына аныктама берилди: адамдын калыбына келүү, ар нерсени аңдап бөлүштүрүүнү, талдоону, таанып билүүнү, ошол эле учурда адам өзүн кайсы бир топко таандык сезүүсүн камтыган өзгөчө процесс экендигине токтолот. Ошол аныктаманын негизинде жаштар өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары өзүлөрүн ар кандай группаларга, топторго, белгилүү бир типтерге, ролдорго, сапаттарга таандык кылат. Ошентип жаштардын социалдык иденттүүлүгү - бул жаш инсандын коомдук бир өзгөчө тил, маданият, баалуулуктар, жүрүм-турумдар, менталитеттердин негизинде субъективдүү түрдө өзүн таануусу, ошол топтордон өзүн көрүүсү, ошол топтордо өзүн эркин алып жүрүүсү болуп саналат дагы, мунун баары объективдүү жашоо шартынын негизинде жүрөт. Ошондуктан жаштардын социалдык иденттүүлүгү - бул коомдогу субъективдүү көрүнүш.

2. Кыргызстандагы жалпы жаштардын өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары социалдык иденттүүлүгүнүн калыптаныш процессин изилдөөдө негизинен эки социологиялык теориянын негиздерине таянсак болот: биринчи,. бул институционалдык анализдөө, ал эми экинчи, регионалдык деңгээлде анализдөө. Ал теориялык аныктамаларды колдонууда биз, жаш инсанды социалдык, аймактык жана инсандык жактан талдоого мүмкүнчүлүк алабыз. Бул көрсөткүчтөр социалдык-регионалдык жана инсандык өзгөчөлүктөрдү аныктап алганга мүмкүнчүлүк берет. Негизинен, бул процесстер региондун (чөлкөмдүн) социалдык-экономикалык өнүгүүлөрүнөн, жашоо-шартынын өзгөчөлүктөрүнөн, коомдогу

менталитеттен түздөн-түз көз каранды болуп саналат. Ушул эки институтционалдык жана регионалдык өзгөчөлүктөрдүн негизине жаш инсандар объективдүү жана субъективдүү көз караштарга таянып, өзүн тигил же бул профессионалдык, аймактык, экономикалык, регионалдык, диний, этникалык жана башка топтордун мүчөсү катары сезет, өзүн ошол топко иденттештирет, шайкештештирет.

3. Азыркы кездеги коомдун өнүгүү шартында жаштарды жаңы баалуулуктарга тарбиялоодо, коомдун өнүгүүсүндөгү мурдагы этаптардагы баалуулуктарга, калыптанып калган нарк, насилдерге, турмуштук көз караштарга, укуктук, мыйзам-ченемдерге кайра карап чыгуу процесстери менен чогуу кошо жүрөт. Ошону менен катар эле жаңы, мурда коомдо болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөрдү кабылдай баштады. Мындай процесстер сөзсүз түрдө карама-каршылыктар менен коштолот. Сөзсүз түрдө жаш инсандын жаңы позитивдүү баалуулуктарга аралашып, социалдашып, сүңгүп, жуурулушуп киришине ошол коомдогу социалдык институттардын деңгээли өзгөчө таасирин тийгизет. Ошондуктан азыркы күндөгү кээ бир социалдык институттардын коррупциянанып кетиши жаштардын арасында позитивдүү социалдык иденттүүлүктүн калыптанышына тескери таасирин тийгизүүдө. Коомдогу социалдык институттар жаш инсандын муундар аралык, топтук деңгээлде өсүп калыптанышына түздөн-түз шарт түзөт.

4. Үй-бүлө алгачкы коомдук социалдык институт катары инсандын негизги баалуулуктарды өзүнө кабыл алуусунун негизи болуп саналат. Үй-бүлө институту негизинен жаш инсанга баштапкы, негизги баалуулуктарды (тарбия, тажрыйба, билим, каада-салт, үй-бүлөлүк жашоону уюштуруу, ата-эненин кадыр баркы, тууган-туушкандык мамиле, коомдук чөйрөдөгү адеп-ахлак, үй-бүлөлүк калыптанган салтты улантып кетүү, диний маданияттын өзөгүн, патриоттуулукту, кеп маданиятын өздөштүрүү деңгээлин жана башка), тажрыйбаларды берет. Ошол эле учурда үй-бүлө институту ушул биз, санап кеткен жана башка баалуулуктарды муундан-муунга өткөрүп берүүчү функцияны аткарып келет. Бирок заманбап ааламдашуу шартында үй-бүлө институту өтө көп кыйнчылыктарга туш болууда. Мурда салттык коомго тиешеси жок граждандык (жарандык) нике, конок нике, деген негативдүү баалуулуктар жаштар арасында үй-бүлө курууда чагылгандай тез таркоодо. Демек, базар экономикасынын шартында үй-бүлө институтунун баалуулуктарынынын өзүнүн ар кандай өзгөрүүлөргө туш келишинин кесепетинен жаш инсандын үй-бүлөлүк иденттүүлүгү дагы көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болууда.

5. Билим берүү системасы дагы коомдо өзгөчө социалдык институт катары жаңы баалуулуктарды коомго таркатууда, актуалдаштырууда, трансформациялоодо өзгөчө орунду ээлейт. Ошондуктан биз бул иликтөөдө билим берүү системасын, анын ичинен дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбаларды билим берүү системасында колдонуу, таркатуу көйгөйлөрү иликтенди. Ошол эле учурда азыркы жаштардын арасында диний маданият көйгөйлөрү жаштардын светтик билимге болгон көз караштарына тийгизген таасирин карайбыз. Себеби XXI кылым өзү диний жаңылануунун доору катары дүйнөдө

жаңы өзгөүүлөр, жаңы баалуулуктар жаштардын арасында таркап жатат, бул процесстерге ислам дининин жаштарга тийгизген таасирин, ар кандай диний агымдардын таралышын байланыштырабыз жана жалпы бул феномендин жаштардын социалдык иденттүүлүгүнө тийгизген таасирин анализдейбиз. Жалпысынан алганда, жаңы технологиянын өнүгүшү менен заманбап инновациялардын темпи өнүгүп жаткан мезгилде билим берүү системасы аркылуу жаштарга позитивдүү социалдык иденттүүлүктүн калыптанышы толук мүмкүн, бирок бул иш мамлекет, коомчулук, окмуштуулар тарабынан көптөгөн эмгектерди, тажрыйбаларды талап кылат, ошол эле учурда жаштар да ошол коомдук процесстердин субъекти катары активдүү болушу абзел. Демек, жаңы парадигмалык өзгөрүүлөрдүн учурунда билим берүү концепциясы жаңыланып турушу абзел, ошол шарттарда жаштар социалдык-демографиялык, психологиялык катмар катары коомдо болуп жаткан терең өзгөрүүлөргө объект гана болбостон ал кубулуштардын активдүү субъектиси дагы боло алат. Билим берүү системасы күчтүү болсо ааламдашуу шартындагы өзгөрүүлөрдү, заманбап маселелерди чечүүгө жөндөмдүү инсандарды тарбиялоого мүмкүн болот. Ушул шарттарда кыргыз коомуна кандай жаштар тарбияланышы керек, кайсыл касиеттери, мүмкүнчүлүктөрү болушу шарт, деген суроолорго жооп табууга мүмкүн деп эсептейбиз.

6. Жалпыга маалымдоо каражаттары ЖМК азыркы шартта жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун негизги булагы болуп саналат. Жаштардын инсандыгынын табиятына жана мазмуунуна телекөрсөтүү, радио, гезит-журналдар, өзгөчө Интернет, социалдык тармактар активдүү таасир этет, ал өзүнүн жалпы жеткиликтүүлүгүнөн, мобилдүүлүгүнөн улам жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандырууга чоң таасирин тийгизет. Ошентип, заманбап медиа мейкиндиктин шартында массалык маалымат каражаттары маданияттын өзөгүн түзүүчү функцияларды аткарып, жаштардын социалдык активдүүлугүн, инсандык сапаттарынын калыптанышына чоң салым кошууда. Бирок ЖМКнын жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандырууга тийгизген таасиринин механизми өтө татаал экенин, ЖМКнын кандай гана функциясы болбосун оң жана терс жактары болорун айтуу керек, демек ЖМК кээ бир учурларда коомдун интеграциясы, ал эми кай бир учурларда дезинтеграциясы болуп калууда.

7. Ааламдашуу процесси жыйырманчы кылымдын экинчи жарымында башталып, күчүнө кирип, соңку мезгилде тездеп бара жаткан объективдүү, бир мүнөздүү эмес, ар тараптуу процесс. Ааламдашуу - дүйнөнүн азыркы абалынын негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири. Эч бир өлкө мындан ары экономикасын, саясатын, социалдык жашоосун жана маданиятын тышкы дүйнөдөн обочолонтуп жашай албайт. Ар кандай улуттук экономика бүгүнкү күндө дүйнөлүк чарбалык системада өзүнүн ордун, тапканда гана жемиштүү иштей алат.

Барган сайын биздин жеке улуттук кызыкчылыкка дал келбеген, дүйнөдө жүзүндөгү чоң, күчтүү мамлекеттер башкарган жогору саясий институттар пайда болуп, биздин ички саясат, баалуулуктар Европалык, Америкалык же дүйнөлүк уюмдардын пикирине негизделип, көп учурларда

биздин кээ бир баалуулуктар сүрүлүп чыгылууда. Батыштын индивидуалдык баалуулуктары бүткүл дүйнөгө тездик менен жайылууда. Ошентип, социалдык мааниде ааламдашуу бир жагынан караганда, бул, карама-каршы глобалдык жана жергиликтүү (локалдык) тенденциялардын (социалдык кубулуштардын) таасири астында коомдук мамилелердин күчөшүнө алып келүүдө. Ал эми социалдык чөйрөдөгү терең өзгөрүүлөр, өз кезегинде жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышын бекемдөөгө алып келет. Ошол эле учурда баардык коомдогу өсүп-өнүгүүлөр, өзгөрүүлөр биздин маданиятка, менталитетке, улуттук баалуулуктарга, улуттук кызыкчылыктарга, улуттук өзгөчөлүккө дайыма эле шайкеш келе бербейт. Ошол эле учурда жаштар коомдун эң сергек, эң динамикалуу, инновациялык күчү катары позитивдүү дагы, негативдүү дагы баалуулуктарды өзүлөрүнө тез сиңирип алууда.

8. Социалдык трансформациянын шартында жаштарды социалдык идентификациясынын социалдык-маданий аспектиси өзгөчө мааниге ээ. Ошол себептен, социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын илимий жактан талдоонун, анализдөөнүн негизинде, жаштар арасындагы, коомдун ар кандай катмарларынын арасындагы мамилелердин багыттоо, жөнгө салуу, трасформациялоо тенденциялары, эки нарктык-нормативдик системаны – советтик, постсоветтик (бүгүнкү күндүн) системаны аралашмасынан, ассимиляциясынан турары иликтөөлөрдүн натыйжасында белгилүү болду дагы, жаштардын жашоо стратегияларында бар экендиги аныкталды.

9. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында демократиялык баалуулуктардын таасири социологиялык салыштырма методдун негизинде талданды. Республикада саясат, экономика, билим берүү жана дин чөйрөсүндө болуп жаткан карама-каршы тенденциялар азыркы жаштардын жашоо стратегияларына жана баалуулуктарына дайыма эле толугу менен дал келбейт. Мындай кырдаал жаштардын турмуштук пландарын түзүүгө шарт түзбөйт жана алардын социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусуна, позитивдүү социалдык иденттүүлүктүн калыптанышына терс таасирин тийгизет. Белгилүү бир баалуулук багыттарын изилдөө призмасы аркылуу коомдо болуп жаткан трансформациялык өзгөрүүлөргө жаштарды баалоодо объективдүү жана субъективдүү факторлордун таасиринин деңгээли аныкталды.

10. Азыркы социалдык-маданий шарттарда жаштар кыймылы жаштардын турмуштук кырдаалдарын турукташтыруунун, жаштардын ар кандай категорияларынын социалдык өнүгүүсүнүн жана коомдогу социалдык-саясий мамилелерди кайра жаратуунун маанилүү фактору болуп калууда. Мындай шарттарда ар кандай жаштар бирикмелерин түзүү жолунда жаштар кыймылын өнүктүрүү өзгөчө мааниге ээ болууда. Жаштар кыймылынын ролу жаштардын социалдык өнүгүүсүн активдештирүүдө жаштардын социалдык субъект катары беделин жогорулатууда, аларды социалдык жактан карама-каршылыктан жана маргиналдаштыруу тенденцияларынын алдын алууда турат. Бүгүнкү күндө жаштар бирикмелеринин, уюмдарынын жашоого жөндөмдүүлүгү жаштар кыймылын өнүктүрүүнүн социалдык

муктаждыктарынын болушу жана анын жаш муун туш болгон заманбап тобокелдиктерге каршы туруу жөндөмдүүлүгү менен аныкталат.

11. Жаштардын саясий, укуктук маданияты, саясий социалдашуусу, саясий жүрүм-туруму азыркы кыргызстанда коомду демократиялаштыруу процессинин өзгөчөлүгүнө, динамикасына жана натыйжалуулугунан көз каранды. Саясий маданият, саясий социалдашуу, жалпы эле жаштардын саясий иденттүүлүгү - бул жаш адамдын инсандык өздүгүнөн өздөштүрүлгөн демократиялык нормалардын, баалуулуктардын, мамилелердин жыйындысы. Ал коомдун жашоо-турмушуна активдүү катышууну болжолдойт. Саясий иденттүүлүктү калыптандыруу коомдо басымдуулук кылган баалуулуктун жүрүм-турум үлгүлөрү үстөмдүк кылган шарттарда мүмкүн: ыктыярдуулук, жарандык активдүүлүк, бул иштердин негизинде коомдун демократиялык саясий системасынын кайра жаралуусуна өбөлгө түзөт.

12. Азыркы этапта Кыргызстан социалдык мамлекет катары жаштарды колдоого, өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары жаштардын потенциалын ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу социалдык-экономикалык шарттарды түзүүгө багытталган мамлекеттик мүнөздөгү ар кандай чараларды көрүп жатат. Мамлекет жаштардын демилгелерин мамлекеттик колдоонун натыйжалуу механизмдерин түзүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонот, жаштарды ааламдашуунун терс факторлорунан коргоо чаралары көрүлүүдө. Бүгүнкү күндө өлкөдө жаштардын абалын, алардын билимин, тарбиясын, социалдашуусун майда-чүйдөсүнө чейин жөнгө салуучу көптөгөн ченемдик-укуктук актылар кабыл алынган. Бул мыйзамдарды, документтерди анализдөөнүн натыйжасында, мамлекет тарабынан жаштардын укуктарын коргоонун заманбап, эл аралык, жаштар менен иш алып баруучу стандарттарга шайкеш келген активдүү жаштар саясатын жүргүзүүсү болуп жаткандыгы саналат.

13. Кыргызстандын жаштарынын бакубаттуулук жана өнүгүү индекси жаштардын социалдык активдүүлүгүнүн негизи жана бүгүнкү күндө мамлекеттик жаштар саясаты - бул жарандык коомдун институттары, коомдук бирикмелер жана жаштар уюмдары менен активдүү өз ара аракеттенүүнүн негизинде жүзөгө ашырылуучу, өлкөнү инновациялык өнүктүрүүнүн зарыл социалдык шарттарын түзүүнү караган мамлекеттин өз алдынча иш багыты. Жаштарды коомдук турмушка тартуу жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо, жаштардын илимий, чыгармачылык жана ишкердик активдүүлүгүн колдоону камсыз кылуу. Жаштарды кесиптик жана экономикалык иш-чараларга тартуу боюнча новатордук моделдерди иштеп чыгуу, жакшыртуу студенттик эмгек отряддарын түзүү, жаштар эмгек биржаларын өнүктүрүү жана, албетте, ар дайым жаштарды эмгек ишмердүүлүгүнө ийкемдүү тартуу үчүн укуктук-ченемдик базаны жакшыртуу жана жаш муундун мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуу болуп саналат. Ошондой эле тематикалык слёттор, лагерлер жана фестивалдар, илимий-практикалык жана бизнес-конференциялар, дискуссиялык клубдар, жаштар алмашуулары, чыгармачыл пленэрлер), өсүп келе жаткан муунду колдоого багытталган эл аралык

маалыматтык жаштар долбоорлоруна катышуу аркылуу жаштардын эл аралык өз ара аракеттешүүсүн күчөтүү, жаштар ишкердигин, анын ичинде экономиканын инновациялык секторлорунда колдоо программаларын иштеп чыгуу.

**Изденүүчүнүн жеке өздүк салымы.** Социологиялык анализдин алкагында негизги илимий тыянактар жана жоболор иштелип чыкты. Заманбап шарттарда Кыргызстандын жаштарынын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун автордук социологиялык изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарынын натыйжалары менен аныкталат.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы:** Диссертациянын негизги жоболору төмөндөгү эл аралык, илимий-практикалык конференциялардын материалдарыда: 1. Эл аралык илимий-практикалык конференция "Философия жана билим берүүнүн актуалдуу маселелери: тарых, бүгүнкү күн жана келечектер" (22-23-май, 2014-ж., Россия, Кострома шаары); "Түрк тилдүү өлкөлөрдүн улуттук өнүгүү стратегиялары" аттуу Түрк тилдүү өлкөлөрдүн V конгресси (25-26 апрель, 2014-ж., Алматы шаары); Эл аралык илимий-практикалык конференция "Философия жана актуалдуу билим берүү маселелери: тарых, бүгүнкү күн жана келечектер" (20-май, 2016-ж., Россия, Кострома шаары); "Маданияттардын диалогу жана көп тилдүү маданият мейкиндигинде диалог: жаштарды руханий, адеп-ахлактык тарбиялоо" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция (9-10 ноябрь, 2017-ж., Дагестан, Россия, Махачкала шаары); Кыргыз ССРинин түзүлгөн күнүнүн 80 жылдыгына арналган "Юридикалык илимдин заманбап көйгөйлөрү" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция (26 апрель, 2016-ж., Бишкек); "Маданияттын философиясы: Батыштын жана Чыгыштын болумушу" эл аралык илимий-практикалык конференция (2022-ж., Бишкек); 2. Илимий журналдардагы макалаларда: Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы (2008-2024-жж.), К. Карасаев атындагы БГУнун Жарчысы (2015), чет өлкөлүк мезгилдүү басылмаларда, анын ичинде РИНЦ маалымат базаларынын журналдарында.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылып чагылдырылышы:** Алынган натыйжалар диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмунун түзүү менен бирге бир монографияда авторлош Казак к. Нургуль. "Азыркы Кыргызстандагы жаштар кыймылдары: элитаны калыптандыруу процесси", Бишкек, 2015-жыл, (13 б.т.); 32 илимий макалаларда, анын ичинен 8 макала чет элдик (РИНЦ) илимий журналдардарда, 2 макала Scopus системасы менен индекстелген.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү: түзүлүшү:** иш негизги 4 баптан, 13 бөлүмдөн, киришүү, корутундудан, практикалык сунуштар, 15 таблица, 8 диаграмма жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, эки тиркемеден турат. Диссертациянын көлөмү – 264 бет, пайдаланылган адабияттар жана тиркемелер менен иштин жалпы көлөмү 332 барактан турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУУНУ

**КИРИШҮҮДӨ.** Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу негизделип, анын негизги илимий программалар (долбоорлор) жана негизги изилдөө иштери менен байланышы ачылып, максаттары жана милдеттери, изилдөөнүн объекти жана предмети, илимий жаңылыгы, диссертациянын теориялык жана методологиялык негиздери аныкталат. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси, негизги жоболору аныкталат, коргоого коюлуучу негизги жоболор, автордун жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо, диссертациянын көлөмү боюнча маалымат берилет. Биричи баптын аталышы: **“***Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптануу көйгөйлөрүн изилдөөдө тарихый-аналитикалык сереп”, бул бап үч бөлүктөн турат. Биринчи баптын биринчи бөлүгү “Социалдык иденттүүлүк социологиялык иликтөөнүн объектиси катары”,* мында социалдык иденттүүлүк, идентификация боюнча теориялык илимий адабияттарга илимий обзор, (карап чыгуу) анализ берилип, социалдык иденттүүлүктүн калыптануу өзгөчөлүктөрүн жана аны ар кандай коомдук-гуманитардык илимдердин контекстинде кароонун өзгөчөлүктөрүн аныктаган окумуштуулардын көз караштары каралат. Заманбап изилдөөчүлөр тарабынан “өздүк” түшүнүгүн кантип чечмелеңгендиги боюнча илимий изилдөөлөр каралат. Иденттик (англисче identi жана латынча identitás) адамдын психикасынын касиети болуп саналат, ал конкреттүү адам катары ар кандай социалдык, экономикалык, улуттук, профессионалдык, лингвистикалык, саясий, диний, маданий, гендердик, расалык жана башка топторго, жамааттарга катышуусун, элестетет [329]. Социалдык иденттүүлүктү изилдөөнүн заманбап теориялары негизинен Г.Теджфел менен Дж.Тернердин социалдык иденттүүлүк теориясына, ошондой эле Дж.Тернердин өзүн-өзү категориялаштыруу теориясына, ошондой эле Э.Эриксондун эмгектерине негизделген [346; 347; 348; 358; 395; 396] Ошентип, алар социалдык иденттүүлүктү “адамдын өзүн өзүнө таандык деп эсептеген социалдык категориялардан келип чыккан аспектилери” деп эсептешкен. Социологиялык теорияларында иденттүүлүк өзгөрүлмөлүүлүк, мобилдүүлүк менен мүнөздөлөөрүн, ал контексттен көз каранды экенин, бул категорияны өзгөрмө катары кароого мүмкүндүк берерин өзгөчө белгилешкен [396, б. 77-121]. Социалдык иденттүүлүк маселелерин изилдөөдө социологиялык теорияларда төмөнкүдөй ыкмаларды бөлүп көрсөтүүгө болот: функционализм жана структуралык функционализм, символикалык интеракционизм, феноменологиялык социология, интегративдик мамиле. Бул М.Вебердин, П.Бергердин, Э.Гидденстин, И.Гофмандын, Э.Дюркгеймдин, Р.Мертондун, Т.Парсонстун эмгектери болуп саналат. Функционализмдин негиздери жана структуралык функционализм негизинен Э.Дюркгейм менен Т.Парсонстун теориялык эмгектеринде негизделген[71; 87; 88; 100; 101; 136; 137; 247; 265]. Ошентип, Э.Дюркгейм социалдык иденттүүлүктүн калыптануу

механизмдери жана анын ар кандай топтор менен болгон мамилелеринин инсанга тийгизген таасири жөнүндөгү маселелерди караган. Ал “иденттүүлүк” терминин колдонбогону менен, инсандын “социалдык маңызын” куруунун структурасын жана процесстерин ачып берген, инсандардагы топтук таандыктыкты чагылдырган өзгөчөлүктөрдү [136, б. 73-75] ачып берген. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү социалдык иденттүүлүк көйгөйлөрүн структуралык функционализмдин алкагында талдоо стабилдүү коомдун шарттарында гана мүмкүн деп эсептешет, анткени “теориянын концептуалдык өнүгүшү спецификалык (мүнөздүү) бир нерсенин алгачкы алдын ала аныкталышы менен чектелген, структураланган объект”[232]. Ошентип, белгилүү бир социалдык-экономикалык кризисти башынан өткөрүп жаткан коомдо функционализм жана структуралык функционализм теориясынын негиздерин эске алууга болот, бирок бул теорияларда негизинен стабилдүү коомдогу процесстер жөнүндө жазылган. Социология илиминде социалдык иденттүүлүктү изилдөөдөгү негизги көйгөйлөр концептуалдык аппараттын чектерин так аныктоонун жана негизги түшүнүктөрдүн мазмунуна карата изилдөөчүлөрдүн ортосунда макулдашууга жетишүүнүн өзгөчөлүгү менен байланышкан. Азыркы кыргыз коомунун өнүгүшү үчүн кандай иденттүүлүк керек, жаштардын кандай иденттүүлүгү коомдук кайра куруулардын прогрессивдүү векторун белгилей алабы? Коомдук өнүгүүнүн векторлоруна жана келечегине иденттүүлүктүн таасиринин кандай механизмдери бар? Бүгүнкү күндө күнүмдүк жашоону санариптик трансформациялоо процессинде жаңы көрсөтмөлөр пайда болууда, бирок ааламдашуунун таасири астында инсандык жана социалдык коопсуздукка жаңы коркунучтар да пайда болууда. Туруктуу инсандык кризистин коркунучунан арылуу менен бул өзгөрүүлөргө кантип анализдөө жана чагылдыруу керек?. Биздин оюбузча, социалдык иденттүүлүк темасында иштелип чыккан илимий дискурстарды жана тиешелүү макалаларды деталдуу талдоо зарыл. *Биринчи баптын экинчи бөлүгү* ***“****Жаштар жөнүндөгү илимий теориялардын жана концепциялардын тарыхый анализи****”,*** деп аталып, анда жаштардын көйгөлөрүн изилдөөдө териятикалык-тарыхый аспектисине арналган негизги теориялар жана концепциялар каралып чыккан. Социология илиминде жаштарды атайын илимий изилдөө объектиси катары аныктоо он тогузунчу кылымда башталган. Ал мезгилде мындай коомдук кубулушту теориялык жактан түшүнүүнүн өбөлгөлөрү калыптанып калган. Ошентип, заманбап гуманитардык илимдердин алкагында жаштардын коомдогу жашоосун изилдөөнүн бир нече багыттары негизделди: психоаналитикалык, структуралык-функционалдык, муундар аралык, тобокелдик, субмаданияттык жана маданий багыттар.

Жаштарды коомдун өзгөчө тобу катары түшүнүүнүн алгачкы концепциялары 20-кылымдын башында АКШда пайда болгон Г.Стэнли Холл, “Жаштар” деген темадагы өспүрүм курактагы жана жаштардын социалдык-психологиялык өнүгүүгсүнө арналган биринчи илимий монография [292, 363-

647-бб.] болуп калган. Холл өзүнүн концепциясында жаштардын гендердик типологиясын карайт. Анын негизги илимий кызыкчылыктары балдардын өнүгүүсүнө багытталган. Андан кийин Германияда С.Бюллер, Э.Шпрангер [82; 40, б. 55-59] жаштарды изилдеген. Дал ошол окумуштуулар жаштардын өзгөчө психофизикалык касиеттерин, өзгөчө маданий топ катары жана муундардын уландысы процессинин объекти жана субъекти катары феноменин теориялык жактан изилдөөнүн негизги багыттарынын калыптанышына негиз салышкан. Э.Шпрангердин негизги иши болгон "Жашоо формалары" деген эмгегинде адамдын кандай типтеринин болушунун философиялык жана социологиялык теориясын иштеп чыккан. Ал негизги алты адам баалуулуктарын аныктоо менен, ал алты жашоо формасы жөнүндө идеяларды иштеп чыккан. Структуралык-функционалдык багыттын өкүлдөрү Т.Парсонс, Г.Шельский, К.Мангейм жаштарды белгилүү бир социалдык статустарга ээ болуу процессинде турган өзүнчө, уникалдуу, спецификалык инсандардын тобу катары карашкан. Жаштар, К.Мангеймдин түшүнүгү боюнча, коомдук жашоонун ортомчусу, жандантуучусу функциясын аткарат. Бул параметр универсалдуу убакыт жана мейкиндик менен чектелбейт. Жыныстык жетилүү курагын аныктоочу чечүүчү фактор бул куракта жаштар коомдук турмушка киришет жана К.Мангеймдин аныктамасында, жаштар прогрессивдүү да, консервативдүү да эмес, алар потенциалдуу, бардык ишке даяр [241] курактагы адамдар. Жаштыктын маңызы жана анын азыркы коомдун социалдык түзүлүшүндөгү орду анын кайра өндүрүү функциясын ишке ашыруу процессинде ачылат . З.Фрейддин психоаналитикалык концепциясында, ошондой эле анын окуучулары тарабынан иштелип чыккан инсандын жашоо жолу теориясына негизделген [374], Л. Фойердин түшүнүгү боюнча эң курч проблемалардын бири азыркы дүйнө - улуу муун менен жаштардын ортосундагы мамилелердин көйгөйү, алардын ортосундагы карама-каршылыктар, конфликтер. Муундук конфликттердин жогорку интенсивдүүлүгү жана масштабы коомдун социалдык системасынын туура эмес иштешине алып келиши мүмкүн. Ошол эле учурда Л.Шелефф жана Э.Эриксон [366;367] инсандын өнүгүүсүнө системалуу көз карашты калыптандырууну, өзгөчө балалыктан бойго жеткен куракка өтүү мезгилиндеги өзгөчөлүктөр жөнүндө ой-пикирлерин иштеп чыгышкан. З.Фрейддин биологизмин жеңип, алар бул процессти психофизиологиялык эле эмес, ар кандай социалдык факторлордун таасирин эске алуу менен изилдешкен. Психоаналитикалык концепциянын негизин адамдын биологиялык, социалдык жана психологиялык маңызынын ортосундагы байланыш идеясы түзөт. Жаштардын өнүгүшүнө ылайык, бул катыш өзгөрөт, бул процесс менен байланышкан белгилүү бир көйгөйлөргө алып келет: муундар ортосундагы чыр-чатактар, калыптанып калган коомдук түзүлүшкө терс мамиледен улам агрессивдүү жүрүм-турумдун пайда болушун шарттайт. Ар бир жаңы муун калыптанып калган коомдук мамилелерди кайталап жана кайра өндүрүү менен коомдун бүтүндүгүн сактоону камсыз кылат жана өзүнүн инновациялык потенциалынын негизинде аны өркүндөтүүгө жана кайра курууга катышат.

*Биринчи баптын үчүнчү бөлүгү* ***“****Жаштарды өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары изилдөөдөгү негизги концептуалдык өзгөчөлүктөрдү анализдөө****”*** деп аталып, анда жаштардын ар кандай курактык чек аралары анализденген. “Жаштар – бул өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары өзүнүн жаш өзгөчөлүктөрүнүн, социалдык статусунун жана социалдык-психологиялык касиеттеринин айкалышынын негизинде аныкталган топ”, орус окумуштуусу И.С.Кон деп айткан, биз дагы ошол теориялык аныктаманын интерпретациясын туура деп эсептейбиз [204; 207]. Окумуштуулардын башка топтору жаштарды, алар жашаган конкреттүү коомдо социалдык өнүгүү мүмкүнчүлүгүн берген, аларга жеңилдиктерди алган адамдардын тобу катары карайт. Адамдарды жаштар катары классификациялоонун курактык чеги ар бир өлкөдө ар башка. Жаштар үчүн төмөнкү курак чеги 14 жаштан 16 жашка чейин, жогорку курак 25 жаштан 35 жашка чейин жана андан кийин да белгиленген. “Жаштар – бул активдүү социалдашуу процессин өтүп жаткан, жетилүү стадиясынан өтүп жаткан адамдардын мууну, ал эми жетилген куракта билим берүү, кесиптик, маданий жана башка социалдык функцияларды өзүнө сиңирген, конкреттүү тарыхый шарттарга жараша жаштардын жаш критерийлери 16 жаштан 30 жашка чейин болушу мүмкүн” [226]. Ар кандай курак мезгилине ылайык өспүрүм курак кыздарда 10-13 жашта, балдарда 11-13 жашта башталып, тиешелүүлүгүнө жараша 15-18 жана 16-18 жашта аяктайт. Физиологдордун изилдөөсүнө ылайык, 23-24 жашка чейин адамдын организминдеги өсүү процесстери аяктайт, ошондуктан психикадагы өзгөрүүлөр да акырындап басаңдайт.

Бүгүнкү күндө КМШга мүчө бардык мамлекеттер мамлекеттик жаштар саясаты жаатында негизги мыйзамдарды кабыл алышкан. Психофизиологиялык мамиленин көз карашы боюнча, жаштык – адамдын инсандыгынын жыныстык жетилүү менен толук жетилүүнүн ортосундагы өнүгүү мезгили. Бул ыкманы З.Фрейд, Э.Фромм сыяктуу окумуштуулардын көз караштары боюнча талдаганда аныкталат. Эгерде социалдык-психологиялык мамиленин көз карашынан жаштардын белгилүү бир өзгөчөлүгүн белгилесек, анда жаштар – бул белгилүү бир курактагы адамдардын биологиялык өзгөчөлүгү жана белгилүү бир мүнөздөгү психологиялык мамилелери менен мүнөздөлөт. Бул ыкма Г.Стэнли Холл, С.Бюлер, В.Рейх, Э.Эриксон өңдүү окумуштуулардын теориялык концепцияларга негизделген [392; 366; 367]. Конфликтологиялык ыкмага ылайык, жаштык - адамдын өнүгүүсүнүн көйгөйлүү баскычы, ошондой эле адам менен коомдун ортосундагы узакка созулган конфликттин бир түрү. Ролдук мамиле боюнча, жаштык - бул адам жашоосунун өзгөчө мезгили, жетилүү убактысы келгенде жаш адамдардын баланын социалдык ролун ойнобой калат. Муну эстон социологдору М.Титма менен Э.Саар өз изилдөөлөрүндө жазышкан [297]. Субмаданияттык мамиле жаштарды өзгөчө жашоо образы, жүрүм-турум стили, маданий баалуулуктары жана нормалары менен айырмаланган, ошондой эле үстөмдүк кылуучу маданияттын кабыл

алынган үлгүлөрүнөн айырмаланган адамдардын тобу катары аныктайт. Социалдаштыруунун кийинки мамилеси – бул жаштар, баштапкы жана орто социалдашуу механизмдери аркылуу жаштардын коомдук турмушка активдүү кошулуу мезгили. Бул ыкманы И.М.Ильинский өзүнүн эмгектеринде көрсөткөн [162; 163; 283; 261]. Аксиологиялык же баалуулук мамилесине келсек, жаштык социологиялык көз караштан алганда адамдын жашоосундагы маанилүү жана эң маанилүү этап болуп саналат. Ошентип, жалпысынан алганда, жаштарды өзүнчө социалдык-демографиялык топ катары изилдөөдө, методологияны өркүндөтүүнү жана изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатууну талап кылат. Албетте, жаштардын көйгөйлөрүн изилдөөнүн келечеги да илимдер аралык мамиле, социологдордун, тарыхчылардын, экономисттердин, саясат таануучулардын катышуусу менен комплекстүү изилдөөлөрдү жүргүзүү менен байланышкан. Мамлекеттик органдар менен илимий кызматкерлердин кызматташтыгын мындан ары өнүктүрүү дагы зарыл маселелерден болуп эсептелет. Экинчи баптын аталышы “*Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышын изилдөөдөгү методологиялык, методикалык негиздер жана институцоналдык өзгөчөлүктөр” деп аталып, төрт бөлүктөн турат. Экинчи баптын биринчи бөлүгү “Үй-бүлө жана нике мамилелерин изилдөө методологиясы жана жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында үй-бүлө институтунунун тийгизген таасири”,* деп аталат, мында азыркы жаштардын үй-бүлөлүк баалуулук өзгөчөлүктөрү, салттуу жана инновациялык мамилелердин өз ара айкалыш табияты изилденет, кыргыз үй-бүлөсүнүн институционалдык мейкиндиги талданат. Бүткүл постсоветтик мейкиндиктегидей эле кыргыз коомунун өнүгүүсүнүн азыркы этабынын өзгөчөлүгү катары социалдык ролдордун системаларынын, жалпы кабыл алынган нормалардын, баалуулуктардын жана мамилелердин өзгөрүшү бардык социалдык институттарга, анын ичинде үй-бүлөгө да таасирин тийгизип жаткандыгын айтууга болот.. Кыргызстанда төрөттүн этникалык дифференциациясы менен мүнөздөлөт, ошондуктан улуттук, башкача айтканда, бүткүл калк үчүн эсептелген репродукциянын көрсөткүчтөрү негизинен үстөмдүк кылган этникалык топ, кыргыздар тарабынан аныкталат. Ошого жараша кыргыздардын калктагы үлүшү өсүп, төрөттүн жалпы тенденцияларын калыптандыруудагы ролу жогорулап жатат. Көптөгөн демографтар балдардын төрөлүшүнүн төмөндөшү, басаңдашы, үй-бүлө трансформациясынын башка көрүнүштөрү, урбанизация, индустриялаштыруу, ааламдашуу, билим берүүнүн кеңейиши, эмгек миграциясы, жаштардын аң-сезиминин жана баалуулук багыттарынын өзгөрүшү жана башка социалдык-экономикалык процесстер менен шартталганын түшүнүшөт. Бирок, үй-бүлөлүк кризистин концепциясы үй-бүлө институтун сактап калуу үчүн, үй-бүлөнүн салттуу баалуулуктарын сактоо менен төрөттүн санын жогорулатуу боюнча саясаттын илимий негизи болушу керектигин белгилеп кетсе болот. Жаштар никенин бекемдиги өзүнөн

гана эмес, жубайлардын жүрүм-туруму, алардын боорукер жана камкор мамилесинен да көз каранды экенин түшүнүшү абзел [277, б. 132-148]. Үй-бүлө кризиси тез-тез ажырашуулардан гана эмес, мыйзамдуу никелердин өздөрүнүн да азайып баратканынан көрүнүп турат. Нике мамилелеринин “жаңы түрлөрү” пайда болууда. Алардын ордун күнүмдүк турмушта “жарандык нике”, “конок никеси” деп атаган чогуу жашоо ээлейт. Кыргызстанда 2023-жылы 35 миң бала никесиз төрөлүп, 45,5 миң нике катталса, ажырашкандардын саны 12,5 миңди түзүп, жаш үй-бүлөлөр арасында ажырашуулар көп катталууда. Салттуу жаш үй-бүлөлөрдүн арасында төрөт санынын төмөндөшү жаштардын жашоо стратегиясынын өзгөрүшү менен коштолот, билим алуу мөөнөтүн узаруусу, бул калктын репродуктивдүү жүрүм-турумунун моделинин трансформациясынын жана жаш адамдын жашоо циклинин түп-тамырынан бери өзгөрүшүнөн кабар берет. *Экинчи баптын экинчи бөлүгү* **“***Заманбап билим берүү системасынын жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында өзгөчө фактор катары”* деп аталып, анда жаштардын социалдашуу процессине жана социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына билим берүү системасынын таасиринин өзгөчөлүктөрү жана механизми изилденет, өзгөчө сапаттуу билим берүү коомдогу атайын жөнөгө салуучу шарт экендиги белгиленет. Билим берүү институту адамзаттын эң байыркы коомдук институттарынын бири. Бул көйгөй билим берүүнүн жаңы парадигмасынын чагылышы болуп саналат. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда экономиканын көптөгөн тармактарында жогорку квалификациялуу адистердин жетишсиздиги курч көйгөй жаратууда. Квалификациялуу адистердин жетишсиздигинин себеби бул адистерди даярдоого тартылган адам ресурстарынын же окуу жайларынын жетишсиздигинде эмес, тескерисинче, өлкөдө жогорку окуу жайлары жетиштүү, акыркы убакта жумушсуздуктун саны бир аз да болсо азайууда. Өлкөнүн жалпы калкына карата билим берүү мекемелеринин пайызы дүйнөдөгү эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири. Ошол эле учурда квалификациялуу адистердин жетишсиздигинин негизги себеби өлкөнүн окуу жайларында бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын орточо деңгээли төмөн экендигин белгилөөгө болот. Билим берүү тармагындагы кризистин негизги себептеринин бири бүгүнкү күндө официалдуу эки миңден ашык бала мектеп окуусуна тартылбагандыгы тууралуу билим берүү жана илим министрлигинин расмий маалыматы боюнча, бирок бул сан реалдуу түрдө мындан бир топ жогору болушу мүмкүн. Бул биздин өлкө үчүн абдан чоң, коркунучтуу көрсөткүч. Кээ бир мектептерде кандай эмгек көндүмдөрү келечекте балдарга керек экендиги жөнүндө маалымат берилбейт. Заманбап мектептер жана мугалимдер окуучуларга негизги окуу жана жазуу көндүмдөрүн берүү менен гана чектелбеши керек. Студенттердин маалыматты өз алдынча чечмелей алуусу, өз пикирин түзүшү, чыгармачыл

болушу, натыйжалуу баарлашуусу, кызматташуусу жана ар кандай карама-каршылыктарга туруштук бере алышы керек.

*Экинчи баптын үчүнчү бөлүгү “Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышындагы массалык маалымат каражаттарынын таасирин анализдөө”* деп аталат, анда жаштарга жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана санариптик технологиялардын таасиринин өзгөчөлүктөрү изилденет, техникалык каражаттардын жеткиликтүүлүгү, универсалдуулугу, ар түрдүүлүгү, маалыматтын жыштыгынын жана берилишинин жогорку даражасы белгиленет. Маалыматтык коомдун өзгөчөлүгү болгон, интернеттин жайылышынын шартында жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптанууда жана баалуулук багыттарын калыптанышында ЖМКнын ролу олуттуу өстү. Бүгүнкү күндө ЖМКлар өсүп келе жаткан муундун дүйнө таанымын калыптандыруу, алардын көз караштарын, турмуштук багыттарын жана артыкчылыктарын түзүү боюнча функциялардын кыйла бөлүгүн өзүнө алды. Жаш муунга ЖМКнын таасири үй-бүлөнүн жана мектептин таасирине караганда көбүрөөк тийүүдө, себеби интернеттен агып жаткан маалымат агымын көзөмөлдөө кыйын, жаш адамдар көп убактысын социалдык тармактарда өткөрөт. “Динамикалык өзгөрүп жаткан дүйнөдө туруктуу социалдык иденттүүлүк калыптанып калышы мүмкүн эмес. Инсандын туруксуз социалдык-идентификациялык абалын нормалдаштыруу доору келе жатат. Бул процессти социалдык факт катары кабыл алуу керек” [120 б.27-30.]. Мисалы, бүгүнкү күндө маданият, билим берүү, таанып-билүүчүлүк жана башка баалуулуктарды трансляциялоонун эң мобилдүү институт катары алсак, алар жалпысынан азыркы коомдун социалдык-маданий карама-каршылыктарын жайгарууга социалдык жоопкерчиликке жана гуманисттик багытка толук ээ болгон деп айта албайбыз. *Экинчи баптын төртүнчү бөлүгү “Жаштардын диний иденттүүлүгүн калыптануу өзгөчөлүктөрү”* деп аталып, жалпысынан диний рынокту жөнгө салуунун укуктук-ченемдик актыларынын дагы да болсо бүдөмүктүгү өзгөчө белгиленет. Ошондой эле дин таануу жана теологиялык экспертиза жүргүзүү боюнча белгиленген стандарттардын жана жоболордун жоктугу экстремисттик идеологиялар менен күрөшүү боюнча көрүлгөн чаралардын натыйжалуулугуна түздөн-түз таасири жөнүндө айтылат. Ата мекендик диний билим берүүнүн деңгээлинин төмөндүгү, алган билимине канааттанбагандык чет өлкөдө толук кандуу диний билим алууну каалаган жаштардын санынын көбөйүшүнө алып келет. Социалдык иденттүүлүктүн калыптануу процессине ар кандай социалдык жана маданий факторлор таасир этет, жаш адамдын диний иденттүүлүгү өзүн-өзү уюштуруу боюнча координаттардын бүтүндөй системасын билдирет. Жаш адам коомдо жашоо менен бирге социалдашуу процессинде өзүн башка социалдык акторлор, социалдык топтор менен өз ара аракеттенип, байланыштырып турат. Демек, жаштардын диний жана конфессиялык иденттүүлүгү анын белгилүү бир

динге, конфессияга өзүн байланыштыруусунун натыйжасында калыптанат, жаш адам белгилүү бир адамдардын тобуна таандык экендигин түшүнөт. “Азыркы заманда коомдук мамилелер ар кандай социалдык тобокелдиктерге толуп турганда, диний тематика, диний идеологиялар, диний институттар саясий риториканын аттрактору катары актуалдуу болуп калат” [146]. Ошентип, диний-дүйнө тааным жаштардын позитивдүү иденттүүлүгүн калыптандырууга өзгөчө таасир этет, анткени бул процесстин өзү белгилүү бир куракта, жаш адам бир ишенимден экинчисине өткөн учурда ал кээ бир убакта диффузиялык иденттүүлүк статусунда болот. Бул эмнени билдирет? Жаш адам дүйнөдө өз ордунда эмес экенин сезип, ишенимсиздик пайда болуп, агрессивдүү болуп баштайт. Ошондой эле, жаш муундар үчүн дин “модага” айланып, жаш муундардын социалдашуу процессинде – бул милдеттүү социалдык көрүнүш болуп калат. Андан кийин азыркы жаштар күчтүү мамлекеттик идеологиянын жоктугунан социалдык жана адеп-ахлактык багыттардын жоготкондугун, аларда руханий, адеп-ахлактык баалуулуктарды иштеп чыгуу мүмкүнчүлүктөрү кыйла чектелгендигин өзгөчө белгилей кетүү керек. Азыркы жаштардын динчилдигинин тигил же бул формаларынын социалдык феномени жетишээрлик татаал, бүдөмүк, аныкталбаган, бир жерде латенттик (жабык) түзүлүш болуп саналат. Азыркы ислам феноменин изилдөө боюнча эксперттердин баамында, Кыргызстандын мусулман коомчулугу жалпысынан ар кандай топторго, жааматтарга бөлүнгөн. Мисалы, суннит исламын тутунгандар теориялык жактан алганда Кыргызстандын диний мозаикасын түзүшү керек. Ал эми өлкөдөгү бардык мусулмандардын 98% дан ашыгын булар салафит жамааттары, даватчылар, нуржилер түзөт.

Таблица №3.3.1.

**Кыргызстан көз карандысыздыкты алган учурдан тартып диний уюмдардын санынын динамикасы**

| | **Ислам диний уюмдарынын саны** | **Христиан диний уюмдарынын саны** | **Башка диндердин уюмдарынын саны** |
|---|---|---|---|
| 1991 г. | 39 | 25 | 0 |
| 2006 г. | 1619 | 343 | 14 |
| 2014 г. | 2362 | 378 | 14 |
| 2021 г. | 2930 | 404 | 14 |
| 2023 г. | 2968 | 402 | 12 |
| 2024 г. | 2970 | 402 | 12 |

Кыргызстандын көз карандысыздыкты алган жылдарында республикада диний көп түрдүүлүк, исламдык багыттагы өзгөчөлүктөр пайда болду, анткени мыйзамдык-укуктук база либералдуу [7; 10; 11], чет өлкөлүк ислам мамлекеттеринин активдүү миссионердик кыймылы күч болуп турган. Бүгүнкү күндө мусулман жаштары (ислам динин тутунгандар) башка социалдык-демографиялык топтордой эле насааттарга гана эмес, коомдук ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрүндө социалдык активдүүлүккө, өзүн-өзү

көрсөтүүгө муктаж. Бүгүнкү күндө "радикалдык ислам" деп аталган нерсе исламдагы чектен чыккан көз караш, дал ушул башка көз караштарды жактырбоо, кабыл албоо идеологиясы калыптануууда. Кээде көпчүлүк ЖМКларда жана коомдун светтик бөлүгүндө жаштардын мусулман бөлүгү радикал катары кабылданат, ал эми ислам коомунун өзүндө радикализм өзүнчө секта катары кабылданат. Өлкөдөгү улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун башкы факторлорунун бири катары жаштардын диний иденттүүлүгү, диний маданияты маселеси актуалдуу бойдон калууда. Жаштардын салттуу эмес деструктивдүү диний уюмдардын катарына кирүүсүнүн себептери катары бүгүнкү күндө пайда болгон интеллектуалдык, эмоционалдык, социалдык руханий вакуумдар, жакырчылыктын кесепети деп белгилөөгө болот. Өлкөдөгү улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун башкы факторлорунун бири катары жаштардын диний иденттүүлүгү, диний маданияты маселеси актуалдуу бойдон калууда.

*Үчүнчү бап "Кыргызстанда жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калытаныш өзгөчөлүктөрүн экономикалык жана коопсуздук контекстинде изилдөө" жөнүндө болуп, үч бөлүмдөн турат. Үчүнчү баптын биринчи бөлүмү "Кыргызстанда жаштардын экономикалык жана миграциялык коопсуздук өзгөчөлүктөрү"* анда, жаш мигранттардын жашоо стратегиялары аныкталган. Ааламдашуу доорунда, бир жагынан жаштардын экономикалык, билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн пайда болуусу күчөгөндө, экинчи жагынан саясий туруксуздук, куралдуу чыр-чатактар, жакырчылык, жумуш орундарынын жоктугу, климаттын өзгөрүшү жана табигый кырсыктар жаш муундардын эл аралык жана ички миграциясынын башкы себептери болуп саналаары белгиленет. Ошондой эле ушул бөлүмдүн алкагында автордук социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде жаштардын миграциялык түзүлүштөрү, миграциялык потенциалы, миграциялык маанайы, жаштарга тийген миграциялык процессинин оң жана терс жактары белгиленди. Заманбап коомдо адамдын жашоо-турмушунун мүнөзү жана динамикасы өзгөрүп турат, анда жаңы артыкчылыктар, кызыкчылыктар пайда болууда, ал эми мамлекеттин милдети бул кызыкчылыктарды жана коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктарына жана мыйзам ченемдерине карама-каршы келбөөнү камсыз кылуу болуп саналат. 2023-жылдын февралында биз салыштырмалуу анализдин негизинде Кыргызстандагы жана Россиядагы окуучу жаштардын миграциялык маанайын изилдөө боюнча социологиялык сурамжылоо жүргүздүк. Бул маанайлар учурдагы дүйнөлүк миграциялык тенденциялардын кесепети деп белгиленет. Социологиялык сурамжылоо "Кыргызстандын жана Россиянын окуучу жаштарынын миграциялык маанайы"деп аталып, интернет сурамжылоо аркылуу он-лайн режиминде жүргүзүлдү. Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе жаштардын курактык тобунун жалпы таанылган эл аралык аныктамасы жок. Бирок, статистикалык максаттар үчүн Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө мамлекеттер берген башка аныктамаларга таянсак, "жаштарды" 15 жаштан 24 жашка чейинки адамдар

деп аныктайт. Сурамжылоонун негизинде алынган респонденттердин жооптору төмөнкүдөй түрдө бөлүштүрүлдү: эгерде Кыргызстандын респонденттери өлкөнүн жаштарын түйшөлткөн басымдуу көйгөй катары өздөрүнүн мекенинде жакшы, сапаттуу билим алуу мүмкүн эместигин белгилешсе (43,4%), анда россиялык жаштар биринчи орунга экономикалык көйгөйлөрдү - финансылык кыйынчылыктарды жана билим алгандан кийин ишке орношуудагы көйгөйлөрдү (37,3%) аныкташкан. Кыргызстанда сурамжылоого катышкан жаштардын жарымы чет өлкөдө билим алууну каалашат. Чындыгында, эгемендүүлүк жылдарында өлкөдө дүйнөнүн мыкты университеттеринде сапаттуу билим алган жаштардын чоң тобу пайда болду.

Таблица 3.1.5. **Бүгүнкү күндө кыргыз жаштарын биринчи кезекте кандай маселелер тынчсыздандырат деп ойлойсуз?**

| **№** | **Варианты ответа:** | **количество** | **%** |
|---|---|---|---|
| **1** | Сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн аздыгы | 405 | 43,5 |
| **2** | Келечектеги кесипти тандоо үчүн маалыматтын жетишсиздиги | 308 | 33,1 |
| **3** | Тажрыйбанын жоктугунан жумушка орношуу көйгөйлөрү | 348 | 37,4 |
| **4** | Карьералык өсүш үчүн чектелген шарттар | 200 | 21,5 |
| **5** | Иш, эмгек миграциясы | 126 | 13,5 |
| **6** | Финансалык кыйынчылыктар | 303 | 32,6 |
| **7** | Турак жай көйгөйү | 104 | 11,2 |
| **8** | Начар медициналык тейлөө | 108 | 11,6 |
| **9** | Начар экология | 186 | 20 |
| **10** | Маданий эс алуу жана саякат мүмкүнчүлүктөрүнүн жетишсиздиги | 68 | 7,3 |
| **11** | Өлкөдөгү саясий тирештин күчөшү | 74 | 8 |
| **12** | Жаш муундарда патриоттук сезимдин жоктугу | 114 | 12,3 |
| **13** | Жалгыздык | 36 | 3,9 |
| **14** | Жашоо максаттарын ишке ашыруудагы кыйынчылыктар | 145 | 15,6 |
| **15** | Келечекке ишенүүнүн аздыгы | 206 | 22,2 |
| **16** | Жооп берүү кыйын | 39 | 4,2 |

Алар Кыргызстанда да, бүткүл дүйнө боюнча да ийгиликтүү эмгектенип жатышат. Бул факт жаштарды чет өлкөдө жакшы жана сапаттуу билим алууга, ошондой эле эл аралык кызматташтыкты, чет өлкөдө студенттик

тажрыйбаларды уюштурууну, биргелешкен изилдөө долбоорлорун, студенттер жана окутуучулар үчүн алмашуу, кызматташуу программаларын, чет элдик студенттер үчүн атайын программаларды жигердүү өнүктүрүүгө түрткү берет. Сурамжылоодон алынган маалыматтар бизди жогорку билим берүүнү интернационалдаштыруу келечеги күчөйт деген ойго түртөт. Ошондой эле кесиптик көндүмдөр түздөн-түз университетке гана эмес, студенттин өзүнүн аракетине да көз каранды экенин белгилей кетүү керек. Негизи, бүгүнкү күндө өлкөнүн көпчүлүк жогорку окуу жайлары студенттерге практика үчүн чет өлкөгө тажрыйба алмашууга мүмкүнчүлүк берет. Бул үчүн биргелешкен жайкы мектептер уюштурулуп, жаштарга кесиптик билимдерин жана жөндөмдөрүн практика жүзүндө өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Россиялык студент жаштардын жоопторун карасак, чет өлкөдө билим алууну каалагандардын 34% билдиришкен жана 28% бул жөнүндө ойлонушат. Кыргызстандын жаштары үчүн мааниси боюнча экинчи көйгөй (сурамжылоого катышкандардын 37,4%) – экономикалык, тажрыйбанын жоктугунан ишке орношууга байланыштуу. Бүгүнкү күндө өлкөдө жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орноштуруу маселеси курч бойдон калууда. Биздин оюбузча, бул иш берүүчүлөр менен бүтүрүүчүлөрдүн өз ара аракеттенүү темасы терең талданбай жана системалаштырылбагандыгына байланыштуу. Андан кийинки көйгөй - бул көптөгөн бүтүрүүчүлөр эмгек акынын аздыгынан, карьералык өсүү келечегинин жоктугунан адистиги боюнча иштегиси келбейт. Белгилей кетсек, белгилүү бир деңгээлде миграциялык процесстер, анын ичинде урбанизация процесстери этникалуулукту, улуттуулукту, бүдөмүктөтүп, анын кайталангыс маданиятын, каада-салт, үрп-адаттардын тилин жоготууга өбөлгө түзөт. Жаштар чөйрөсүндөгү миграциянын позитивдүү факторлорунун бири жаш мигранттардын ааламдашуунун, модернизациянын жана интеграциянын заманбап процесстерине трансформацияланышы болуп саналат. Биздин мамлекеттин чегинен тышкары кетип жаткан жаштар кабыл алуучу чөйрөдө атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, ошону менен жогорку адаптациялык ресурсту көрсөтүп жатышат.

*Үчүнчү баптын экинчи бөлүмү "Демократиялык баалуулуктардын жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына тийгизген таасири коопсуздук контекстинде",* бул бөлүмдүн алкагында жаштар чөйрөсүндөгү баалуулуктардын өзгөчө артыкчылыктары белгиленген. Кыргызстандагы жаштардын баалуулуктар системасын жана маданий багыттарын калыптандыруу динамикасын изилдөө жана кайрылуу фактологиялык материалдарды талдоонун негизинде жаштардын баалуулуктарынын приоритеттеринин мазмунун, ошондой эле аларга таасир этүү ыкмаларын изилдөө жана жаш муун өз жашоосунда туш болгон турмуштук оор кырдаалдарды чечүүгө көмөктөшүү менен шартталган.

Таблица №3.2.1 **Сиз үчүн эң маанилүү болгон жашоо максаттарды жана мамилелерди тандаңыз** (3 кө чейин тандоо)

| № | Жооптордун варианттары (3кө чейин тандоо) | Саны | % |
|---|---|---|---|
| **1** | Жакшы үй-бүлө куруп, балалуу болуу | 316 | 41,6 |
| **2** | Заманбап талаптарга жооп берген билим алуу жана өз өлкөңүздүн өнүгүшү үчүн пайда алып келүү | 358 | 47,1 |
| **3** | Жогорку маяналуу жана кызыктуу жумушка орношуңуз | 244 | 32,1 |
| **4** | Өзүмдүн жеке жашаган үйүм болсо | 140 | 18,4 |
| **5** | Жеке бизнесимди ачуу | 271 | 35,7 |
| **6** | Молчулукта жашап, каалоолорумду ишке ашыруу | 279 | 36,7 |
| **7** | Башка адамдарга жакшылык алып келүү | 157 | 20,7 |
| **8** | Жалпыга таанылуу, атактуу болуу | 39 | 5,1 |
| **9** | Бийликте, башка адамдарды жетектөө мүмкүнчүлүгү | 46 | 6,1 |
| **10** | Коомдо жогорку кызматты ээлөө | 76 | 10,0 |
| **11** | Өзүмчө гармонияда жашоо | 184 | 24,2 |

Студент жаштардын социалдык идентүүлүгүн калыптандырууга баалуулуктар багытынын таасирин иликтөө, жалпысынан социалдык-психологиялык портретти түзүү жана студент жаштардын чөйрөсүндө социологиялык изилдөөлөрдүн негизинде жашоонун артыкчылыктарын аныктоо болгон. Бул максатта социологиялык сурамжылоо жүргүзүлүп, ага Кыргыз Республикасынын Бишкек, Каракол, Талас, Нарын жана Ош, Жалал-Абад, Баткен шаарларынын университеттеринин жана колледждеринин 1-4 - курстарынын студенттери катышышкан. Социологиялык сурамжылоо 2022-жылдын март, апрель айларында жүргүзүлүп, сурамжылоого жалпысынан 720 адам (студенттер) тартылган. Сурамжылоого катышкан студенттердин баалуулук багыттарын жана социалдык идентүүлүгүн аныктоо үчүн, суроолордун бири азыркы учурда аларды кандай кырдаалдар көбүрөөк тынчсыздандырып, жашоодо өзүн-өзү аткара албай тургандыгы жөнүндө сөз болду. Социологиялык сурамжылоонун жүрүшүндө биз студент жаштардын турмуштук маанилүү максаттарын жана мамилелерин, индикаторлорун аныктоо максатын койдук, алар жогорудагы №3.5. таблицада чагылдырылды.

*Үчүнчү баптын үчүнчү бөлүмү "Кыргыз Республикасындагы жаштар кыймылынын өнүгүшү жаш муундун саясий жарандык калыптанышындагы негизги фактор катары"* деп аталат, анда көз карандысыз Кыргызстанда жаштар кыймылынын калыптануу процессинин тарыхый-социологиялык ракурста каралат. Азыркы жаштар кыймылдарынын өнүгүүсүнүн кийинки негизги этаптары анализге алынды. **Биринчи этап,** Совет мезгилиндеги жаштар кыймылдары, бул кыймылдар коммунисттик партиянын (комсомол,

пионер уюму, октябряттар) болгон. **Экинчи этап,** формалдуу эмес жаштар кыймылдары (80-жылдардын аягы, 90-жылдардын башы). Кайра куруу учурунда расмий эмес жаштар идеологиясы калыптанып, жаңы түзүлгөн жаштар бирикмелери (хиппилер, рокерлер, панктар ж.б.) болуп калды. **Үчүнчү этап,** "жаңы" жаштар кыймылдары (90-жылдардан бүгүнкү күнгө чейин). Бул этапта кыймыл-аракети көзкарандысыз социалдык практикага жана өзүн-өзү көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү пайда болуп калды. Жаштардын активдүүлүгүнүн өнүгүүсүндө, азыркы коомдук кыймылдардын укуктук-мыйзамдык базасына басым жасоо керек. Советтик доордо, билим берүү мекемелериндеги пионер жана комсомол уюмдары тарбиялоонун бирдиктүү системасынын бир бөлүгү болгон, ал эми "жаңы" жаштар кыймылдары 90-жылдардын башынан бери билим берүү мекемелеринен тышкары иштеп келген. Гуманитардык илимдеги азыркы коомдук жаштар бирикмелеринин классификациясы төмөнкүдөй: биригүү формасы боюнча: клубдук-эс алуу түзүмдөрү, формалдуу эмес, саясий, диний бирикмелер (секталар); кызыкчылык багыты боюнча: укук коргоо, маданий-спорттук, экстремисттик; үстөмдүк кылган баалуулуктар боюнча: романтикалык-эскаписттик, башкача айтканда, күнүмдүк жашоодогу жагымсыз, кызыксыз нерселерден, өзгөчө кызыктуу нерселерди окуу, идеалисттик, оюн-зоок, радикалдык-деструктивдүү; максаттуу топ боюнча: студенттик, мектептик жана башкалар. Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин алкагында жаш жарандарынын саясий активдүүлүгүнүн өсүшү, айрыкча СССР кулагандан кийин, учурдагы коомдук структураларды жаңыртууда эмес, жаңы көз карандысыз уюмдарды жана кыймылдарды түзүү менен коштолду. Кыргызстандын соңку тарыхында 80-жылдардын экинчи жарымы көптөгөн формалдуу эмес коомдук түзүлүштөрдү, салттуу эмес, альтернативалуу уюмдарды жана кыймылдарды түзүү менен белгиленди, алар расмий структуралардын алкагынан тышкары, жарандардын өздөрүнүн демилгесине гана таянып жана расмий статуска умтулбастан иш алып барышты. Бүгүнкү күндө жаштар уюмдарынын басымдуу көпчүлүгү чет өлкөлүк донорлордон каржылык жардам алышат жана донорлордун айткандарын аткарып отчет беришет, же мындай жаштар уюмдарынын артында белгилүү бир максаттарды койгон саясатчылар турушат жана жаштар өз максаттарына жеткенден кийин алардын колунда чакан жана кыска мөөнөттүү милдеттерди чечүү куралы болуп калышат. Ошентип Кыргызстандын акыркы отуз жылдагы тажрыйбасы көрсөткөндөй, саясатка жана саясатчылардан көңүл калуу жана жек көрүү келет. Демек, жаштардын коомдук уюмдарынын, коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабында фонддордун ишинин натыйжалуулугунун негизги критерийлери болуп төмөнкүлөр саналат: уюмдун жашоо мөөнөтү, аны түзүү ыкмасы, демографиялык курамы жана анын катышуучуларынын социалдык абалы, активдүү мүчөлөрүнүн саны.

*Төртүнчү бап “Бүгүнкү кыргызстанда жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптануу процессинде мамлекеттик жаштар саясатынын орду” деп аталып, үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм “Кыргызстанда жаштарды коомдук-саясий турмушка тартуунун мыйзамдык-укуктук негиздери”* арналган, анда социалдык мамлекеттин принциптери каралган. Мамлекет мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен жаштардын демилгелерин мамлекеттик колдоонун натыйжалуу механизмдерин түзүүгө аракет кылып жатканы белгиленүүдө. Бул бөлүмдө өлкөдө жаштар саясатын жүргүзүүнүн мыйзамдык-укуктук базасы толук анализденген. Азыркы учурда мамлекеттик органдар тарабынан жаштарды социалдык жактан колдоо, аларга билим берүү жана тарбиялоо жаатындагы коомдук мамилелерди майда-чүйдөсүнө чейин жөнгө салуучу көптөгөн ченемдик укуктук актылар кабыл алынган. Эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстандагы жаштардын көйгөйлөрү менен ар кандай министрликтер жана ведомстволор алектенип келишкен. Төмөндө биз мамлекеттик жаштар органдарынын структуралык өзгөрүүлөрүнүн тарыхый ракурстан карап, маалымат беребиз.

Мамлекеттик жаштар органдарынын түзүмүндөгү төмөнкү өзгөртүүлөрдү белгилөөгө болот:

2004-жыл, КРдин Туризм, Спорт жана жаштар саясаты боюнча мамлекеттик комитетинин алдындагы Жаштар иштери боюнча департаменти.

2005-жыл, КРдин Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы “Жаштар иштери” боюнча департамент.

2007-жыл, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу дене - тарбия жана спорт, жаштар иштери жана балдарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин “Жаштар иштери” боюнча департаменти.

2009-жыл, Кыргыз Республикасынын эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигинин алдындагы “Жаштар иштери” боюнча департаменти.

2010-жыл, Кыргыз Республикасынын убактылуу өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын жаштар иштери боюнча министрлигин түзүү жөнүндө” декрети (26.04.2010).

2012-жыл, Кыргыз Республикасынын жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлиги (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 20-февраль 2012-жыл).

2013-жыл, Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги.

2024-жыл, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги. Бул бөлүмдү анализдөөдө биздеги булактардан көрүнүп тургандай, бардык президенттер жаштардын көйгөйлөрүнө кайдыгер караган эмес экенин тастыктоого болот. Ар кайсы мезгилдерде тиешелүү жаштар саясатын жана аны ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу аракеттери көрүлүп келген, ошону менен бирге көпчүлүк учурда мамлекеттик бийлик түзүмдөрүнүн жаш кыргызстандыктарга болгон камкордугу көбүнчө кагаз жүзүндө эмес, сөз менен айтылып, бирок ошол эле учурда айтылган, жазылган сөздөр менен

аткарылган иштер кээ бир учурларда бири-бирине шайкеш келбей калгандыгын да белгилөөгө болот. 2020-2030-жылдарга жаштар саясатынын жаңы концепциясында артыкчылыктуу багыттар так көрсөтүлгөн. Бул [23]. Концепцияны ишке ашыруу эки этапта жүргүзүлөт. Ушул Концепцияны практикалык ишке ашыруу максатында конкреттүү чараларды, жооптуу аткаруучуларды жана аларды аткаруу мөөнөттөрүн караган Концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын бекитүү пландаштырылган. *Төртүнчү баптын экинчи бөлүмү "Кыргызстанда жаштардын саясий, укуктук иденттүүлүгүнүн калыптаныш өзгөчөлүктөрү"* арналган, Кыргызстандагы жаштардын демократиялык баалуулуктарды түшүнүүсү каралып, саясий маданият жана жаштардын саясий коомго аралашуусу баяндалган. Бул жаштардын саясий, укуктук маданияты, жалпы эле коомдогу көрүнүштөрдөй ар кандай, көп түрдүү экендигин айтууга болот. Жаштардын айрым топтору бири-биринен саясатка болгон кызыгуусу, саясий турмушка кошулуу деңгээли, ар кандай идеялык-саясий агымдарга багыт алуусу менен айырмаланат. Бирок бул айырмачылыктардын баары азырынча курч карама-каршылык мүнөзүнө ээ эмес жана ашыкча саясатташууга алып келбейт. Кыргызстандын жаштарынын саясий процесске азыркы катышуусу бир катар өзгөчөлүктөргө ээ, бул процесстер ал жаңы саясий шарттарда жайылтылууда да, көп жагынан чет өлкөлүк демократиялык формаларды өздөштүрүү багыты боюнча жүрүдө. Жаштардын саясий катышуусу көбүнчө саясий партиялар, же мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик түзүмдөрү тарабынан демилгеленет. Ошондуктан, демократиялык коомду куруунун негизги милдеттеринин бири саясий маданияттын деңгээлин, саясий социалдашууну, жаштардын саясий иденттүүлүгүн, алардын саясий көрүнүштөргө болгон кызыгуусун жогорулатуунун жолдорун издөө болуп саналат. Ошондой эле жаш муундарды Кыргызстанда саясий процесстерге көбүрөөк тартып жарандык коомду калыптандырууда өзгөчө шарттарды түзүү зарыл. *Төртүнчү баптын үчүнчү бөлүмү "Кыргызстанда жаштардын бакубатчылыгын жана өнүгүүсүнүн индексин динамикалык анализдөө"*деп аталат, анда жаштарды коомдук турмушка тартуунун өзгөчөлүктөрү жана аларды өзүн-өзү өнүктүрүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо, жаштар арасындагы илимий, чыгармачылык жана ишкердик активдүүлүктү колдоону камсыз кылуу изилденет. Өсүп келе жаткан жаш муундарды кесиптик жана чарбалык ишке тартуунун инновациялык моделдерин жана формаларын иштеп чыгуу жана өркүндөтүү студенттик эмгек жамааттарынын ишин жандандыруу, жаштардын эмгек биржаларын өнүктүрүү, акырында, эң негизги максаттарга жетүү үчүн мыйзамдык базаны тынымсыз өркүндөтүү болуп саналат. Жаштарды эмгекке ийкемдүү тартуу жана алардын мыйзамдуу укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу. Жаштардын эл аралык өз ара аракеттенүүсүнүн активдүүлүгүн күчөтүү (тематикалык чогулуштар, лагерлер жана фестивалдар, илимий, практикалык жана бизнес конференциялар, дискуссиялык клубдар, жаштар алмашуу, чыгармачыл пленэрлер), өсүп келе жаткан муунду колдоого багытталган эл аралык жаштардын маалыматтык долбоорлорун дайыма уюштуруу. Жаштардын ишкердигин, анын ичинде

экономиканын инновациялык секторлордо колдоо көрсөтүү боюнча программаларды иштеп чыгуу. Бүгүнкү күндө саясий процессте бардык жаштардын жана иштеп жаткан бийлик органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн уюштуруучулук негиздерин аныктай турган укуктук талааны түзүү прицпиалдуу мааниге ээ.

Кыргызстандын жаштарынын бакубатчылыгынын индекси 2022-жылга тогуз көрсөткүч боюнча иштелип чыккан[16]. Анда жаштардын: коомдо катышуусу, активдүүлүгү, экономикалык абалы жана мүмкүнчүлүктөрү, билим берүү, маданият, ден соолук, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, коопсуздук жана корголгондук, үй-бүлө жана экология.

Төмөн маани: 0–0,494

• Орто маани: > 0,494–0,607

• Жогорку маани: > 0,607–0,671

• Кыйла жогору маани: > 0,671–0,810

• Абдан жогору маани: > 0,811–1

Тандалып алынган тармактар боюнча жаштардын абалы дүйнөлүк стандарттарга канча туура келет? Кайсы тармактарга көңүл буруу керек", деген суроо жаралат. Өзүңүздөр көргөндөй, жаштарга негизинен көбүрөөк көңүл бурулушу кретиги төмөнкү индексте айкын көрүнүп турат :

1. Жарандык катышуу - 0,41
2. Экономикалык мүмкүнчүлүктөр - 0,48
3. Билим берүү жана илим - 0,47
4. Маданият - 0,15
5. Ден соолук - 0,51
6. МКТ - 0,43
7. Коопсуздук жана коргоо – 0,63
8. Үй-бүлө - 0,53
9. Экология – 0,45

Эгерде биз, жаштардын "Жарандык катышуу" чөйрөсүнүн жалпы субиндексин карап көрсөк 0,41 түзгөн, бул деген сөз төмөнкү, ылдыйкы көрсөткүчтү түзөт деп түшүнүүгө болот. Негизинен мамлекеттик жаштар саясатынын максаты жаштардын ийгиликтүү социалдашуусу, өзүнүн коомдогу социалдык иденттүүлүгүн таап, ага ынанып жана эффективдүү өзүн-өзү ишке ашыруусу үчүн шарттарды түзүү, жаштардын потенциалын өнүктүрүү жана аны өлкөнүн инновациялык өнүгүү кызыкчылыгында пайдалануу болуп саналат. Акыркы отуз жылдык практикада тездик менен өзгөрүп жаткан дүйнөдө инновациялык өнүгүү потенциалын натыйжалуу өнүктүрө алган жана жемиштүү пайдалана алган мамлекеттер стратегиялык артыкчылыктарга ээ болорун ынандырарлык түрдө далилдеп турат.

# КОРУТУНДУ

1. Бүгүнкү күндө социалдык иденттүүлүктүн калыптанышына байланыштуу көптөгөн теориялык жана эмпирикалык изилдөөлөргө карабастан, бул категория эң татаал, көп кырдуу жана актуалдуу болуп саналат. Идентификация термини адамдын билиминин кайсы чөйрөсүндө колдонулгандыгына жараша, ал өзүнүн маанисин ээ. Социалдык иденттүүлүктү - анын мазмунун, калыптануу механизмдерин, функцияларын изилдөө философтордун, социологдордун, психологдордун, антропологдордун, саясат таануучулардын көңүлүн буруунууну жана тартууну улантууда.

2. Жаштарды топ катары аныктоонун, анын көйгөйлөрүн жана баалуулук багыттарын изилдөөнүн алгачкы аракеттери XX кылымдын 20-жылдарынын экинчи жарымында болгон. Социологиялык тар мааниде алганда, "Жаштар - өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары коомдогу орду менен функцияларынын, өзгөчө кызыкчылыктарынын жана баалуулуктарынын жаш курагына өзгөчөлүктөрүнүн негизинде бөлүнөт. Жаштардын жаш чектери боюнча бирдиктүү пикир жок. Бирок, көбүнчө жаштардын төмөнкү курактык чеги 14-16, ал эми жогорку чеги 25-35 жаш арасында аныкталат.

3. Ааламдашуу шартында заманбап социалдык институттардын, баарыдан мурда мамлекеттин, үй-бүлөнүн, билим берүүнүн, массалык маалымат каражаттарынын ишмердүүлүгү олуттуу өзгөрүүдө. Ар бир коомдо үй-бүлө – бул эң маанилүү жана баштапкы институт, мамлекеттин негиздеринин өзөгү. Учурда Кыргызстанда ажырашуулардын саны боюнча Борбор Азияда биринчи орунда турганы белгилүү. Кыргызстанда никеге тургандардын саны азайып, ажырашуулар көбөйдү. Бул улуттук статистика комитетинин маалыматын маалыматтарын анализдөөдөн келип чыгат. 2011-жылы 56 509 никеге туруу катталып, 8 705 ажырашуу катталган. 2023-жылы 45 495 никеге туруу катталып, 12 552 түгөй ажырашкан. Тез ажырашуунун себептери материалдык-экономикалык көйгөйлөр, акчанын жетишсиздиги, эмгек миграциясы, жаштардын үй-бүлөлүк, нике мамилелерине ата-энелердин жана туугандарынын кийлигишүүсү, үй-бүлөлүк зомбулук себеп болууда. Азыркы коомдогу негизги институт катары үй-бүлө кризисинен улам өсүп келе жаткан муундардын депопуляциясы, азайуусу жана жетишсиз социалдашуусу менен байланышкан коркунучтарды четтетүүгө же жок дегенде минималдаштырууга багытталган натыйжалуу үй-бүлөлүк жана демографиялык саясаттын чараларын иштеп чыгуу боюнча маселелер келип чыгууда.

4. Кийинки көйгөй билим берүү системасынын азыркы коомдо инсандын социалдык статусун көтөрүүчү ресурс катары билим берүүнүн мобилдүүлүгүн, сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, өзүнө жана өз өлкөсүнүн келечегине ишенимди пайда кылган кесиптик жана жеке ийгиликке

жетишүү. Билим берүүнүн түзүүчү функциясы менен түздөн-түз байланыштуу болгон, сапаттуу билим бул көйгөйдү чечүүгө жана ошондой эле социалдык сегрегация тобокелдиктерин азайтууга мүмкүндүк берет, бул негизинен социалдык мобилдүүлүктүн төмөндүгүнүн жана өлкөнүн калкы үчүн сапаттуу билимдин жетишсиздигинин кесепети болуп саналат. Өлкөнүн ЖОЖдорунун ишмердүүлүгүнө токтоло турган болсок, "университеттин ишмердүүлүгүндөгү эң маанилүү өзгөртүүлөр анын жалаң гана локалдык мүнөздөгү социалдык-маданий көрүнүштөр болгон феноменден глобалдуу иштөө мүнөзүндөгү экономикалык көрүнүшкө айланышында жатат". Сапаттуу билимге жетишүүгө карата үй-бүлөнүн, коомдун, мамлекеттин жана мектептин кызыкчылыктарынын тең салмактуулугун камсыз кылуучу, жаштардын турмуштук мүдөөлөрүн ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү шарттуу социалдык нормалар катары жалпы билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу да актуалдуу.

5. Көптөгөн социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары зордук-зомбулуктун, агрессивдүүлүктү, эротиканы жана эркин жашоо образын чагылдырган заманбап ЖМКлардын жаштар аудиториясына терс таасирин тийгизүүдө. Заманбап ЖМКлар дайыма эле коомго жат жүрүм-турумду жайылтуу менен эфирдик маалыматтын мазмунун тандоого жоопкерчиликтүү жана тандалма мамиле жасай бербейт. Маселен, кино, реалити-шоу, шоу-бизнес аркылуу жүрүм-турумдун девианттык формалары жигердүү өнүгүп, анда башкы каармандар өздөрүнүн жаман адаттарын, коомго жат аракеттерин, уят сөздөрүн, инсандар аралык жана муундар аралык мамилелерде эркиндикти, жол берүүчүлүктү сыймыктануу менен көргөзүшөт.

6. Жаштар өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары көптөгөн коркунучтарга кабылышууда. Көптөгөн социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, респонденттердин 40%дан ашыгы жаштар экстремисттик идеологиянын таасирине көбүрөөк кабылып калышы мүмкүн экенин белгилешет. Айрыкча 15-24 жаштагы "NEET жаштары" деп аталган, окубаган, жумушка орношпогон жана квалификациясын жогорулатпагандардын катмарын түзөт. Элди экстремисттик уюмдарга азгырган факторлор билимдин жана маданияттын төмөн деңгээли (73,9%) жана оор финансылык абал (60,6%) сыяктуу тобокелдик топтор менен тыгыз байланышта. Ошондой эле, ар бир үчүнчү респондент массалык маалымат каражаттарында зордук-зомбулукту пропагандалоо дагы адамдарды экстремисттик уюмдарга азгыруунун фактору болуп калышы мүмкүн деп эсептейт. Кеп жаштардын психикасына, адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтире турган маалыматтар тууралуу болуп жатат. Студенттердин сурамжылоосуна ылайык, "Сиз жеке террордук уюмга туш болдуңуз беле?" деген суроо берилген. Сурамжылоого катышкандардын 8,4% оң жооп беришти. Жынысы боюнча "ооба" деп жооп бергендердин арасында эркектердин үлүшү 13%, аялдардын үлүшү 6,6%. Жаштардын көпчүлүгү

(91,5%) мындай уюмдарга туш болгон эмес. Ошондуктан жаштар арасында экстремисттик уюмдарга кирүүгө каршы багытталган түшүндүрүү иштерин, семинарларды, тренингдерди өткөрүү, окуу жайларда, студенттердин жатаканаларында, калк арасында бир катар лекцияларды өткөрүү зарыл, динди социалдык-маданий көрүнүш катары туура дүйнө таанымды жана түшүнүүнү калыптандыруу үчүн билим берүүнүн сапатын жогорулатуу зарыл. Диний билим берүүнүн сапатын жогорулатуу керек, исламды терроризмден айырмалоо, орто мектептерде дин таануу предметин практикалоо башталды, ошону эффективдүү улантуу. Ошондой эле бүгүнкү күндө диний чөйрөдө так мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу, радикализмге жана диний экстремизмге каршы туруу боюнча мамлекеттик органдардын жана диний уюмдардын иш-аракеттерин координациялоо зарыл.

7. Кыргызстан үчүн жаштардын миграция процесстери көп сандагы эмгек ресурстарынын жана экономикалык жигердүү калктын агылып кетүүсүнө, ошондой эле квалификациялуу эмгектин, чыгармачыл жаштардын жана натыйжалуу ишкерлердин интенсивдүү агылып кетишине байланыштуу олуттуу тобокелдиктерди жана көйгөйлөрдү жаратууда. Билим берүү миграциясы Кыргызстандын жаш жарандарынын көпчүлүк бөлүгү тарабынан кийинки турмуштук ишмердүүлүк, карьера куруу, кээде өлкөдөн эмиграциялоо үчүн трамплин катары каралууда. Жаштардын башка өлкөлөргө туруктуу жашоо үчүн эмиграциясы негизинен билим берүү миграциясы аркылуу ишке ашат.

8. Жаштарды активдүү саясий ишмердүүлүккө тартуу үчүн алардын кайсы бир бөлүгүнүн мыйзам чыгаруу демилгесин кеңейтүү. Мамлекет жаштардын саясий элитасын тартууга, жаштар менен цивилизациялуу диалогдун формаларын, өз ара аракеттенүү үчүн бирдиктүү платформаны издөөгө кызыкдар болушу керек. Мамлекеттик жаштар саясатын калыптандыруу жана ишке ашыруу процессине жаштарды түздөн-түз тартуу практикасын киргизүү максатка ылайыктуу. Жаштар саясаты чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук базаны, стратегиялык документтерди иштеп чыгууга жана аны ишке ашыруунун принциптерин иштеп чыгууга жаштардын активдүү жана кызыкдар бөлүгүн (жаштар парламенттик түзүмдөрүнүн, жаштар кеңештеринин мүчөлөрүн) тартуу кыйла натыйжалуу болмок.

9. Жаштар чөйрөсүндө терроризм жана экстремизм менен күрөшүү боюнча ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу багыттарына өзгөчө көңүл буруу, патриотизмди пропагандалоо, маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу, ар түрдүү диндердин өкүлдөрүнө сабырдуулук менен мамиле кылууга тарбиялоо. Жаштардын этникалык, жарандык жана диний иденттүүлүктөрүнүн калыптаныш өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө багытталган илимий-изилдөө иштерин активдештирүү зарыл. Жаштардын диний маданиятын калыптандыруу жана диний толеранттуулук проблемалары боюнча социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

Кыргызстанда жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышын комплекстүү талдоо төмөндөгүлөрдү практикалык сунуштарды берүүгө мүмкүндүк берет:

1. Кыргызстанда өлкөнүн жаштары менен иштөө боюнча мыйзамдык-укуктук базаны андан ары өркүндөтүү, мамлекеттик органдар менен жаш жарандардын ортосундагы кызматташуунун принциптерин жана механизмдерин консолидациялоочу туруктуу укуктук базаны түзүү. Жаштар саясатынын салттуу багыттарын активдештирүү жана колдоо үчүн жаштар саясатын каржылоону көбөйтүү, жаштардын коомдук демилгелерин колдоо зарылчылыгы, жаштардын интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүүчү мамлекеттик жана эл аралык ири жаштар долбоорлорунун айланасына ресурстарды топтоо.

2. Айрыкча аймактардагы жаштардын санариптик сабаттуулугун жогорулатуу; санариптик ресурстарды жана көйгөйлөрдү чечүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуучу кызматтарды жайылтуу; санариптик дүйнөгө ар кандай жаштарды тартуунун жаңы формаларын жана жолдорун түзүү жана андагы коопсуз жүрүм-турумду үйрөтүү; жаштардын санариптик сабаттуулугун жогорулатуу боюнча алдыңкы дүйнөлүк тажрыйбаны активдүү пайдалануу жана системалаштыруу.

3. Билим бул - жаш муундун ийгилигинин негизги фактору. Билим берүү системасынын бардык деңгээлдеринде лидерликти, башкаруу жөндөмүн жана жаштардын чечимдерди кабыл алууга катышуусун өнүктүрүүгө багытталган атайын программаларды түзүү зарыл. Сапаттуу билим алуу өлкөнүн жаштары үчүн чоң мааниге ээ. Ар кандай формадагы (лицейлер, гимназиялар, айрым предметтерди тереңдетип окуткан мектептер) жалпы (мектептик) билим берүүнүн жогорку деңгээлин колдоо зарыл. Жогорку окуу жайларында окуу мезгилинде эле ишканаларда практикалык иш жүргүзүү аркылуу кесиптик билим берүүнүн прикладдык багытын камсыз кылуу. Мүмкүн болсо өлкөдө иштеп жаткан ишканалар менен кызматташууну өнүктүрүү жана жаш адистерди артыкчылыктуу жумуш менен камсыз кылууну макулдашуу зарыл. Формалдуу билим берүүдөн тышкары формалдуу эмес билим берүүнү, анын ичинде кесиптик өнүгүү программаларын, ишкердикти жана долбоорлорду башкаруу көндүмдөрүн окутууну өнүктүрүү зарыл.

4. Жаштарга өзүн-өзү ишке ашырууга жана алардын лидерлик сапаттарын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрдү түзүү зарыл. Бул үчүн жаштардын ар түрдүү тармактарда өзүн көрсөтүүсүнө шарт түзгөн тренингдерди, семинарларды, сынактарды, жайкы мектептерди, фестивалдарды, пленэрлерди жана башка иш-чараларды уюштуруу зарыл, мисалы, жаштардын коомдук-саясий иш-чараларын өткөрүү; форумдар, конференциялар жана жолугушуулар, бул жаштарга өз идеяларын жана ой-пикирин айтууга, алардын таламдарына жана келечегине таасир этүүчү талкууларга жана чечимдерге активдүү катышууга

мүмкүндүк берет. Жаштардын социалдык-экономикалык жана саясий активдүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу үчүн аларга саясий процесстерге таасир этүүнүн кепилдигин камсыз кылуу жана өзүн-өзү ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү маанилүү. Муну ар кандай саясий партиялардын ишмердүүлүгүндө жаштарга квоталарды бөлүү жана көбөйтүү жолу менен жасаса болот.

5. Практикалык статистикалык эсепке алуу системасын киргизүү, ал жаштардын тышкы миграциясынын реалдуу масштабы жөнүндө билүүгө мүмкүндүк берет. Азырынча туруктуу жашоого, эмгек миграциясына уюшкан тартипте кетип жаткандар, ошондой эле мамлекеттик бюджеттин эсебинен же академиялык мобилдүүлүк программаларынын алкагында чет өлкөлүк жогорку окуу жайларга окугандар гана эсепке алынат. Жеке каражаттарынын эсебинен эмгек же билим берүү миграциясына кетип жаткан адамдар миграциялык каттоо системасы тарабынан түздөн-түз эсепке алынбайт. Мамлекетибизде чет мамлекеттерде окуп жаткан жаштардын кайсы жакта экендиги, кайсы адистикте окуп жаткандыгы жана алган академиялык жана илимий даражалары боюнча так маалымат жок. Мындай статистика билим алып жүргөн мигранттар менен байланышта болуу үчүн гана эмес, алган билимдеринин жана көндүмдөрүнүн тармактары жөнүндө өлкөгө кайтып келгенде канчалык пайдалуу болорун тереңирээк түшүнүү үчүн керек.

6. Жаштардын коомдук бирикмелеринин конкреттүү долбоорлорун, программаларын максаттуу каржылоого өтүү: жаштардын психофизикалык, билим берүү, социалдык-экономикалык, коомдук-саясий жана маданий-руханий потенциалын жогорулатуу чөйрөсүндө социалдык долбоорлорду мамлекеттик колдоонун артыкчылыктуу багыттарын бөлүп көрсөтүү.

7. Жаш үй-бүлөнү колдоо, эки же андан көп балалуу үй-бүлөгө багыт берүү жана жаштардын репродуктивдүү жүрүм-турумун материалдык, адеп-ахлактык жактан стимулдаштыруу. Мамлекеттик демографиялык саясаттын басымы жаштардын сергек жашоо мүнөзүн калыптандырууга багытталышы керек.

8. Дене тарбия, спортту пропагандалоо, жаштардын сергек жашоого ыңгайлаштырылган шарттарды түзүү жана сергек жашоонун коомдук кадыр-баркын жогорулатуу, азыркы жогорку мектептин жетишкендиктерин натыйжалуу пайдалануу жана өзүн-өзү даярдоо аркылуу жаштарда кесиптик компетенттүүлүккө жана карьералык өсүүгө багыт алууну өнүктүрүү.

9. Жаңы баштаган жаш ишкерлер үчүн аймактык жаштар бизнес-инкубаторлорун жана консультативдик борборлорун түзүү жолу менен экономикалык өз алдынчалыкты жайылтуу, жаштар ишкердигин өнүктүрүү жана эмгек рыногунда жаштардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН МАКАЛАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ :


1. **Жунушова, С. О.** Тенденции развития национального самосознания кыргызской молодежи в условиях глобализации [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2011. - Юбилейный выпуск С.139-143. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://lib.knu.kg/ru/vestnik-knu-2011/ - Загл. с экрана
2. **Жунушова, С. О.** Молодежь Кыргызстана в современном мире: проблемы социокультуной идентификации. [Текст] / С.О. Жунушова // Наука и новые технологии. - Бишкек, 2012. - С.181-185. [Электронный ресурс]. Режим доступа: http://www.science-journal.kg/media/Papers/nntiik/2012/6/nntiik-2012-N6-172-175.pdf - Загл. с экрана
3. **Жунушова, С. О.** Социальная идентичность как объект социологического анализа [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2012. – Вып. 2. - С.70-83. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://lib.knu.kg/files/2012/Vestnik2.pdf - Загл. с экрана
4. **Жунушова, С.О.** Влияния поликультурного образования на идентичность городской молодежи Кыргызстана [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. - Бишкек, 2012. - Вып. 2. - С.83—87. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://lib.knu.kg/files/2012/Vestnik2.pdf - Загл. с экрана
5. **Жунушова, С.О.** Религиозная идентичность молодежи Кыргызстана в условиях глобализации [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2013. – Вып.1. - С.139-143. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://lib.knu.kg/files/2013/vestnik_1_2013.pdf - Загл. с экрана
6. **Жунушова, С.О.** Особенности воздействия средств массовой информации на трансформации социальной идентичности студенческой молодежи Кыргызстана в современных условиях [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник БГУ им. К.Карасаева. - Бишкек, 2013. - С.38-40. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44881874- Загл. с экрана
7. **Жунушова, С.О.** Компетентнестный подход в контексте Болонского процесса как позитивный фактор социализации студенческой молодежи [Текст] / С.О. Жунушова // Ученые записки: серия гуманитарные науки. - Худжанд, 2013, 2(35). - С.232-244. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/kompetentnostyami-podhod-v-kontekste-bolonskogo-protsessa-kak-pozitivnyy-faktor-sotsializatsii-studencheskoy-molodezhi - Загл. с экрана
8. **Жунушова, С.О.** Специфика политической идентификации молодежи Кыргызстана в контексте глобализации и мультикультурализма [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник АУПКР. – Вып. №18. - Бишкек, 2013. - С.78-84. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа https://elibrary.ru/item.asp?id=25993231 - Загл. с экрана

9. **Жунушова, С. О.** Проблемы социальной идентичности молодежи Кыргызстана в условиях глобализации [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. - Бишкек, 2014. – Вып. 1. - С.118-123. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/KNUZHUNUSHOVAS.O.2014-1.pdf - Загл. с экрана
10. **Жунушова, С. О.** Методология изучения социальной идентичности как объекта социологического анализа [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. - Бишкек, 2014 – Вып.№2. - С.107-114. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/KNUZHUNUSHOVAS.O.2014-2.pdf - Загл. с экрана
11. **Жунушова,С.О.** Проблемы формирования религиозной элиты в современных условиях в молодежной среде тюркоязычных стран Центральной Азии [Текст] / С.О. Жунушова // Сборник материалов V Конгресса социологов тюркоязычных стран «Национальные стратегии развития тюркоязычных стран». - г. Алматы, 2014. - С.78-87. - [Электронныйресурс]. – Режим доступа: http://repository.ineu.edu.kz/library/pdf
12. **Жунушова, С. О., Казак к. Н.** Молодежные движения в современном Кыргызстане: процесс формирования элиты [Текст] / С.О. Жунушова, Н. Казак к. // Монография: Издательство КНУ им. Ж. Баласагына. - Бишкек, 2015. - 13 п.л. - 207 с.
13. **Жунушова, С.О.** Современные молодежные движения как фактор в формировании патриотической идентичности молодежи [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2015. - С.80-82. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=23671994 - Загл. с экрана
14. **Жунушова, С.О.** Теоретические основы исследования идентичности молодежи как социально-демографической группы [Текст] / С.О. Жунушова // Материалы международной научно-практической конференции «Современные проблемы юридической науки», посвященной 80-летию со дня образования Киргизской ССР. – Бишкек, 26 апреля 2016г. - С.211-216.
15. **Жунушова, С.О.** Религиозная идентичность студенческой молодежи Кыргызстана в современных условиях [Текст] / С.О. Жунушова// Сборник научных трудов IV международной конференции. - Костромской государственный университет. – Кострома, 2016. - С.8-12. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=28775333 - Загл. с экрана
16. **Жунушова, С.О.** Роль современного университетского образования в процессе формирования религиозной культуры молодежи [Текст] / С.О. Жунушова // Alatoo academic studies. – Бишкек, 2017. - №1. - С 147-152. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28314592 - Загл. с экрана

17. **Жунушова, С.О.** Религиозная идентичность молодежи Кыргызстана: проблемы, противоречия и поиски [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник Кыргызской государственной академии права. – Бишкек, 2018. - № 2. - с. 463-468. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28775333 - Загл. с экрана
18. **Жунушова, С.О.** Место и роль национальных элит Кыргызстана в обеспечении религиозной безопасности в современных условиях [Текст] / С.О. Жунушова // Центр стратегических исследований при Президенте Республики Таджикистан. - Таджикистан и современный мир. - № 2 (61). - Душанбе, 2018. - С. 58-69.
19. **Жунушова, С. О.** Основные факторы, влияющие на нестабильную религиозную ситуацию в Кыргызстане в современных условиях [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник БГУ. - №2 (44). - Бишкек, 2018. - С.109 -113. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=35111001 - Загл. с экрана
20. **Жунушова, С. О.** Обеспечение религиозной безопасности молодежи Кыргызстана в современных условиях условиях [Текст] / С.О. Жунушова // Вестник КНУим. Ж. Баласагына. - Бишкек, 2018. - №2 (94). – 106-110. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=35246509
21. **Жунушова, С.О., Казак к. Н.** Роль элиты Центральной Азии в обеспечении стабильности и безопасности в Центральной Азии в религиозной сфере (результаты экспертного опроса). [Текст] / С.О. Жунушова, Н. Казак к. // Вопросы политологии. - Москва, 2018. - 11(39), 2018, с.906-915. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36508097
22. **Жунушова, С. О., Эдилбек к. М.** Дин азыркы коомдогу озгочо институт катары.[Текст] / С.О. Жунушова, М.Эдилбек к. //Alatoo academic studies. - Бишкек, 2019. - №1. - С 143-150.- [Электронный ресурс]. - Режим доступа:https://drive.google.com/file/d/1x5xGvZLIO3zSlj2rp401lDVJiep64oS-/view
23. **Эдилова, М. М., Жунушова, С.О.** Кыргызстандагы коопсуздукту сактоодо ислам динин туткан жаштардын ролу. [Текст] / М.М. Эдилова, С.О. Жунушова // Alatoo academic studies. – Бишкек, 2019.- №1. - С 150-158. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://drive.google.com/file/d/1DxpEQGm6PzpWr57zDHU87OfkFVle3yd/view
24. **Жунушова, С. О.** Распространение радикального ислама в среде молодежи как угроза национальной безопасности Кыргызстана. [Текст] / С.О. Жунушова // В сборнике материалов докладов 6 всероссийского социологического конгресса «Социология и общество: традиции и инновации в социальном развитии регионов». - 2020г. – С.915-924. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44326213 - Загл. с экрана

25. **Жунушова, С. О.** Религиозная культура молодежи Кыргызстана как фактор обеспечения национальной безопасности [Текст] / С.О. Жунушова // Alatoo academic studies. - Бишкек, 2020. - №3. - С.298. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44451190 - Загл. с экрана
26. **Настасюк, Н.П., Жунушова С.О.** Социально-экономические ресурсы и обеспечение демографической безопасности в странах Центральной Азии[Текст] / Н.П. Настасюк, С.О. Жунушова // Психолого-педагогические безопасности человека и общества. - Санкт-Петербург, 2021. - 5(51). - С.42-48. - [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://igps.ru/Content/publication/documents/%D0%9F%D0%A1%D0%98%202-21_637612716139462891.pdf - Загл. с экрана
27. **Жунушова, С.О.** Кыргызстанда ислам дининин саясатташуусу улуттук коопсуздукка коркунуч туудурган фактор катары [Текст] / С.О. Жунушова ///Вестник КНУим. Ж. Баласагына. - Бишкек. - 2021. - №1 (105). – 157-163. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46485099-Загл. с экрана
28. **Жунушова, С.О.** Женщины Кыргызстана в науке: историко-социологические аспекты [Текст] / С.О. Жунушова // Alatoo academic studies. – Бишкек, 2022. - №2. - С.273. - [Электронный ресурс]. - Режим доступа:https://scholar.google.ru/citations?view_op=view_citation&hl=ru&user=cqB9s9UAAAAJ&citation_for_view=cqB9s9UAAAAJ:8k81kl-MbHgC - Загл. с экрана
29. **Osmonova D., Zhunushova S., Kostuk Sh., Bekboeva A., Alykulova G. A.** Sociological study of the religious identity of young people in Central Asia and Europe (following the example of Kyrgyz Republic and the Republic of Poland) [Text] / D.Osmonova, S. Zhunushova, Sh.Kostuk, A.Bekboeva, G. A. Alykulova // Pharos Journal of Theology. - ISSN 2414-3324. - Volume, 105. - Themed Issue 3 - (2024). – Режим доступа: file:///D:/!save/Downloads/A_Sociological_study_of_the_religious_identity_of_%20(3).pdf - Загл. с экрана
30. **Osmonova D., Zhunushova. S., Imanbekov U., Sharshenaliev U., Moldobaeva A.** Interaction of politics and religion as a factor in shaping the religious culture of Kyrgyzstan’s youth [Text] / D.Osmonova, S. Zhunushova, U.Imanbekov, U.Sharshenaliev, A.Moldobaeva // Pharos Journal of Theology. - ISSN 2414-3324. - Volume, 105 Themed Issue 3 - (2024) – Режим доступа: file:///D:/!save/Downloads/Interaction_of_politics_and_religion_as_a_factor_i%20(2).pdf. - Загл. с экрана
31. **Жунушова, С.О., Мадалиев, М.М.** Жаштардын билим алуу миграциясы жана коопсуздук көйгөйлөрү [Текст] / С.О. Жунушова, М.М. Мадалиев // Известия вузов. - Бишкек, 2014. - №1. - С.267-270.
32. **Жунушова, С.О., Мадалиев, М.М.** Эмгек миграциясынын жаштарга тийгизген социалдык таасирлери [Текст] / С.О. Жунушова, М.М. Мадалиев.// Известия вузов. - Бишкек, 2014. №1. - С.270-274.

33.**Жунушова, С.О.** Массалык маалымат каражаттары жаштардын социалдык иденттүүлүгунун калыптанышында негизи фактор катары [Текст] / С.О. Жунушова // Наука, новые технологии и иннновации Кыргызстана. - Бишкек, 2014. - №3. - С.331-334.

**Жунушова Сайкал Орозовнанын “Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: абалы жана келечеги” 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин доктору илимий даражасын алуу үчүн диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** жаштар, жаштар кыймылы, жаштар саясаты, иденттүүлүк, идентификация, социалдык иденттүүлүк, ааламдашуу, трансформация, модернизация, институционалдык өзгөрүүлөр, баалуулук багыттары, үй-бүлө, дин, миграция.

**Изилдөө объектиси**. Кыргыз Республикасынын жаштарынын өз алдынча социалдык-демографиялык топ катары, азыркы күндө өзүн-өзү социалдык аныктоосу, өзүн курчап турган чөйрөгө, коомго, өзүнө болгон мамилеси, заманбап коомдо өзүн таануусу.

**Изилдөөнүн предмети.** Кыргыз Республикасынын жаштарынын коомдук социалдык институттардын трансформациялоо шартында социалдык социалдык өзүн-өзү аныктоонун, социалдык иденттүүлүгүнүн калыптануу өзгөчөлүктөрү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты.** Илимий талдоонун негизинде кыргыз коомунун социалдык-маданий кайра жаралуу процессинде жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандырууга социалдык институттардын таасиринин механизмин аныктоо жана Кыргызстанда жаштардын позитивдүү иденттүүлүгүн калыптандырууга социологиялык мамилелерди белгилөө.

**Изилдөөнүнүн методологиялык негизи.** Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый-логикалык, системдик анализ, структуралык-функционалдык анализ, ченемдик-баалуулук мамиле, конфликтологиялык, муундук, субмаданияттык, рискологиялык, феноменологиялык, тобокелдик, салыштырма талдоо методдору колдонулду.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы**. Диссертация ааламдашуу шартында жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптануу өзгөчөлүгүнө комплекстүү социологиялык анализ жасаган биринчи эмгек болуп саналат. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн автордук аныктамасы берилди жана анын болжолдуу потенциалы азыркы шарттарда жаштардын өнүгүүсүнүн абалын жана тенденцияларын талдоо үчүн заманбап социологиялык негизги идеялардын бири катары аныкталган.

**Колдонуу чөйрөсү.** Изилдөөнүн жыйынтыктары жаштарды социалдык жактан колдоо программаларын, долбоорлорун иштеп чыгуу максатында колдонулушу мүмкүн. Диссертациянын материалдары: “Жаштар социологиясы”, “Үй-бүлө социологиясы”, “Дин социологиясы”, “Саясий социология”, “ЖМК социологиясы”, “Коопсуздук социологиясы” боюнча атайын курстарды даярдоодо окуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Жунушовой Сайкал Орозовны “Социальная идентичность молодежи Кыргызстана: состояние и перспективы” на соискание ученой степени доктора социологических наук по специальности 22.00.04 – социальная структура, социальные институты и процессы**

**Ключевые слова:** молодежь, молодежное движение, молодежная политика, идентичность, идентификация, социальная идентичность, глобализация, трансформация, модернизация, институциональные изменения, ценностные ориентации, семья, религия, миграция.

**Объект исследования.** Молодежь Кыргызской Республики как самостоятельная социально-демографическая группа в совокупности со своим социальным самоопределением, отношением к окружающему миру, обществу, к себе.

**Предмет исследования.** Особенности формирования социального самоопределения, социальной идентичности молодежи Кыргызской Республики в условиях трансформации общественных отношений и социальных институтов.

**Методы исследования.** В качестве методологической базы при выработке исследовательской концепции были использованы такие принципы и методы познания как: историко-логического, системного анализа, структурно-функционального анализа, нормативно-ценностного подхода, конфликтологического, поколенческого, субкультурного феноменологического, рискологического подходов, сравнительного анализа.

**Полученные результаты и их новизна.** В диссертации впервые осуществлен комплексный социологический анализ специфики формирования социальной идентичности молодежи Кыргызстана в условиях глобализации и модернизации общественных отношений. Представлено авторское определение социальной идентичности молодежи и определен ее приблизительный потенциал как одного из основных современных социологических идей для анализа состояния и тенденций развития молодежи в современных условиях.

**Область применения.** Результаты исследования могут быть использованы для разработки программ, проектов социальной поддержки молодежи. Материалы диссертации могут быть использованы в учебном процессе при подготовке спецкурсов: по “Социологии молодежи”, “Социологии семьи”, “Социологии религии”, “Политической социологии”, “Социологии СМИ”, “Социологии безопасности”, “Организация социальной работы в среде молодежи”.

## SUMMARY

dissertation by Zhunushova Saikal Orozovna “Social identity of the youth of Kyrgyzstan: state and prospects” for the degree of Doctor of Sociological Sciences in specialty 22.00.04 - Social Structure, social Institutions and processes

**Keywords:** youth, youth movement, youth policy, identity, identification, social identity, globalization, transformation, modernization, institutional changes, value orientations, family, religion, migration.

**The object of the study.** The youth of the Kyrgyz Republic as an independent socio-demographic group in combination with their social self-determination, and attitude to the outside world, society, and themselves.

**The subject of the study.** The peculiarities of the formation of social self-determination, social identity of the youth of the Kyrgyz Republic in the context of the transformation of public social institutions.

Research methods. The following principles and methods of cognition were used as a methodological basis for developing the research concept: historical-logical, system analysis, structural-functional analysis, normative-value approach, conflictological, generational, subcultural phenomenological, riskological approaches, comparative analysis.

**The results obtained and their novelty**. The dissertation for the first time carried out a comprehensive sociological analysis of the specifics of the formation of social identity of young people in Kyrgyzstan in the context of globalization and modernization of social relations. The author's definition of social identity of young people is presented and its approximate potential as one of the main modern sociological ideas for analyzing the state and trends in the development of young people in modern conditions is determined.

**The results of the study** can be used to develop programs, projects for social support of young people. The dissertation materials can be used in the educational process in the preparation of special courses: “Sociology of youth”, "Sociology of the family”, “Sociology of religion”, “Political sociology”, “Sociology of the media”, “Sociology of security”, “Organization of social work among the young people”.